КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ОКУТУУ ОРУС, ӨЗБЕК, ТАЖИК ТИЛДЕРИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДИН 1-4-КЛАССТАРЫ ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

**Бишкек - 2022**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарты – Бишкек, 2022. - 49-б.

**Түзүүчүлөр:**

**Рысбаев С. –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери;

**Джусупбекова Н. –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары;

**Оморова А. –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун улук окутуучусу;

**Батыркулова А. –** педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы.

**Рецензенттер:**

**Эсеналиева К.,** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун филологиялык билим берүү кафедрасынын башчысы

**Турдубаева Б.,** №6 автордук окуу-тарбия комплекс гимназиясынын кыргыз тили жана адабияты мугалими

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан.

Аталган стандарт башталгыч мектепте экинчи тил катары кыргыз тили боюнча окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**М А З М У Н У**

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Документтин статусу жана түзүмү ....................................................................4

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы .5

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер …………………………………..…....6

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери .........................................................11

2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы ...............................................................15

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ......................................................................17

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы .....................18

2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалдарынын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү .............................................................22

2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар .....................29

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук линиялар боюнча) .................................................31

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери.......................................................................................................43

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар.......................................46

4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары............................................47

4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү....................................47

**АДАБИЯТТАР** ..........................................................................................................48

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына негизделип иштелип чыккан жана ал башталгыч класстардагы **окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин** Кыргыз тили предмети боюнча окуу процессин жөнгө салат. Бул предметтик стандарттын негизинде окуу программалар түзүлүп, окуу китептер, усулдук адабияттар, дидактикалык, кошумча, ошондой эле окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо үчүн материалдар даярдалып, практикада колдонулат.

Бул предметтик стандартты төмөнкүлөр өз ишмердигинде жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда Кыргыз тили предмети боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр; окуу китептердин, окуу-усулдук колдонмолордун, кошумча окуу материалдардын авторлору;
- болочок башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу орто, жогорку кесиптик окуу жайларынын Кыргыз тили боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр;
- кесиптик орто билим берүү мекемелеринде, жогорку окуу жайларында педагогикалык башталгыч билим берүү адистиктерин даярдаган окутуучулар;
- башталгыч класстардын мугалимдери;
- башталгыч класстардын мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен алектенген адистер;
- башталгыч класстардын мугалимдерин аттестациялоодо билим берүү системаларынын жетекчилери;
- башталгыч класстардын балдарынын компетенттүүлүктөрүн баалоону өткөрүүчү адистер;
- башталгыч класстардын педагогикасы жана методикасы боюнча билим алып жаткан студенттер, магистрлер;
- башталгыч класстарда кыргыз тили сабактарын окутуу боюнча илимий иш жүргүзгөн аспиранттар, изденүүчүлөр, методист-окумуштуулар ж.б.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарты 4 бөлүмдөн туруп (предметтик стандарттын түзүмү документтин мазмунунда так чагылып турат), ал башталгыч класстарда Кыргыз тили предметин окутуунун максат-милдеттерин, предметтин түзүлүш методологиясын, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү, алардын өз ара байланышын, мазмундук багыттарды, окуу материалдарынын бөлүнүшүн, өтмө катар тематикалык багыттарды, класстар жана баскычтар боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды, окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегияларын, ошондой эле ресурстук камсыздоого жана кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүүгө карата талаптарды өзүнө камтыйт.

Окуу китептеринин авторлору, мугалимдер жана Кыргызстанда кыргыз тилин

өнүктүрүүгө катышы бар адамдар үчүн колдонмо катары **предметтик стандарт** экинчи тил иретинде окутулуучу кыргыз тили боюнча стандарттык талаптарды, жалпы компетенттүүлүктөрдү, окутуунун натыйжаларын жана мазмунун аныктайт. Ал окуучулардын азыркы заманда мамлекеттик тилди билүү зарылдыгын түшүнүшүнө жана бул тилди баарлашуу, таанып билүү, өз мүмкүнчүлүктөрүн ачуу жана социалдык ыңгайлашуу каражаты катары пайдалануу муктаждыгын канааттандырууга, ошондой эле жарандык сапаттарын калыптандырууга, ар түрдүү коомдун өкүлдөрүнүн арасында өз ара түшүнүүчүлүккө, кыргыз элинин маданиятын өздөштүрүүгө умтулушуна өбөлгө түзөт.

Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, ал коомдук жашоонун ар кайсы: саясий, социалдык жана маданият сфераларында интеграциялык жана консолидациялоо функцияларын аткарат. Сөзсүз өтүлүүчү предмет катары кыргыз тили бардык жалпы билим берүүчү жана жогорку окуу жайларында өтүлөт. Мамлекеттик тилде сүйлөшүү жалпы билим берүүчү мектептин бүтүрүүчүсүнө өз өлкөсүнүн ийгиликтүү жана активдүү жараны болушуна мүмкүнчүлүк берет.

Бул **предметтик стандарт** окуучулардын кептик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн тил үйрөтүүнү грамматикалык нуктан милдеттик-катыштык (коммуникативдик-функционалдык) нукка буруу максатында иштелип чыкты жана анын негизги талаптары менен натыйжаларын камтыды.

## 1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы

Стандарт төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларга негизделет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2021.
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003.
3. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндөгү» мыйзамы, 2004.
4. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы, 2021.
5. «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому менен бекиген.
6. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. –Б., 2006.
7. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. – Б., 2016.
8. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы – Б., 2008.
9. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б., 2012.
10. Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы.- Б., 2021.
11. «Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар», КББАнын Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген, 2014.

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Баа –** шарттуу түрдө сан, тамга же башка белгилер (символдор) менен туюнтулган окуучулардын окуудагы жетишкендиктери.

**Баа берүү** – окуучулардын мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу даражасын сапаттык жактан аныктоо.

**Баалоо** – окуучулардын таанып-билүү ишмердигине, мугалимдин, класстын, мектептин ишине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында маалыматты сыпаттоо, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси. Бул билим берүүдөгү пландалган натыйжаларга алынган натыйжанын дал келүү даражасын аныктаган тутумдуу процесс.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Гендердик стереотип** - бул аялдар менен эркектер ээ болгон, ээ болууга же аткарууга тийиш деп эсептелген мүнөздөмөлөр жана ролдор жөнүндө жалпыланган көз караш же алдын ала түшүнүү.

**Дискриминация** - Калыптанган маданиятка, каада-салтка жана көз карашка ылайык адамдардын тобун же адамдын өзүн системалуу түрдө басмырлоо.

**«Жашыл көндүмдөр»** – жашоодо экологиялык коопсуз ыкмаларга ээ болуу, ресурстарды үнөмдөөчү туруктуу коомду өнүктүрүү жана колдоо, экологиялык көйгөйлөрдү аныктоо, чечүү жана алдын алуу үчүн зарыл болгон билимдер, баалуулуктар жана көрсөтмөлөр.

**Индивидуалдуулук** – жеке адамдын кайталангыс бөтөнчөлүгү, бир гана өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. *Индивидуалдуу стиль (педагогикалык)* – педагогикалык иш-аракеттердин жана баарлашуунун конкреттүү педагогго таандык өзгөчө стили.

**Индикатор/Көрсөткүч** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч прибор». Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер. Бааланууучу кубулуштун абалын билүү үчүн көмөк көрсөтүүчү конкреттүү мүнөздөмөлөр, сандык маалыматтар, көрсөткүчтөр, өлчөгүчтөр («Кантип, эмненин жардамы менен өлчөөлөрдү жүргүзүүгө болот?» - деген суроого жооп берет).

**Инклюзивдик билим берүү** - билим берүү муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.

**Инклюзия –** билим берүүгө киргизүү (кошуу) - айрым окуучулардын ар кандай керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мектептеги маданиятты, саясатты жана практиканы трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүккө тоскоолдук кылган тоскоолдуктарды жоюу милдети; инклюзивдүү мамиле социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтыйт, ал бардыгы үчүн достук жана жеткиликтүү болууга тийиш.

**Инсан** – жеке бөтөнчөлүгү (индивидуалдуулугу) коомдук-тарыхый шарттарга жараша калыптанган адам.

**Инсанга багытталган окутуу (ИБО)** – көңүл борборунда бала болгон окутуу; И. С. Якиманскийдин аныктамасына ылайык, инсанга багытталган окутуу «окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы каарманы катары таануу» дегенди билдирет. Бүтүндөй окуу процесси ушул негизги жобого шайкеш келтирилиши керек[1]. Окуучунун

[1] И.С. Якиманская. Личностно ориентированное обучение в современной школе. – М.,1996.

субъективдүүлүгүн эске алуу менен, окуу процессинин мазмуну да, усулдары (ыкмалары) да, анан, эң башкысы, мугалим менен окуучунун мамилесинин стили да аныкталат. Окуучу окуу процессинде мугалимдин тең укуктуу өнөктөшү деп таанылат. Мында мугалим милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган материалды окуп үйрөнүүгө окуучуну мажбурлабай, анын өзүнчө өсүп жетилиши үчүн эң мыкты (алгылыктуу, оптималдуу) шарт түзөт.

**Инсандык мамиле** – педагогдун тарбиялануучуну өзүнүн өсүшү үчүн жоопкерчиликтүүлүгүн аңдап билген инсан, тарбиялык иштин субъекти катары тааныган ырааттуу мамилеси.

**Интерактив** – (*анг.* inter - өз ара, act - иш-аракет); кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Кайтарым байланыш** – иш–аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң жакшы жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси; окутуу процессинде алынуучу, мугалимге окуучунун жетишүүсүн *формалдуу эмес* баалоо мүмкүндүгүн бере турган маалымат. Кайтарым байланыш окуучунун да билимдеги өз кемчиликтерин көрүшүнө жана аларды четтетишине өбөлгө түзөт; конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер тууралуу комментарийлерди (пикирлерди) алуу процесси. Анда эң аз болгондо эки адам катышат: кайтарым байланышты берүүнү сураган жана кайтарым байланышты берген адам.

**Калыптандыруучу баа берүү** – белгилүү бир окуу натыйжасына жетишүү процессинде окуучулардын деңгээли жөнүндө мугалимге маанилүү маалыматты берген окуу процессиндеги баа; кыйынчылык болгон жерде билим берүүнү өркүндөтүү үчүн мугалим жана окуучу кийинки кандай кадамдарды жасашы керектиги; мугалим тарабынан окутууну өз убагында жөнгө салуу, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, усулдарды тандоо жана жалпы эле окуу процесси, кайтарым байланыш жана дифференциалдуу окутуу аркылуу окуучулардын билимин колдоо үчүн колдонулат.

**Кеп үлгү** – конкреттүү бир кырдаалда анык бир моделде колдонула турган сөздөрдүн стандарттык үлгүсү, сөз айкаштарынын жана синтаксистик конструкциялардын типтүү схемалары. Тил окутуунун коммуникативдик негизинде үйрөтүлөт.

**Кептик көндүм** – грамматикалык модель боюнча кепти туура куруу көндүмдөрү жана билгичтиктери.

**Кептик таяныч үлгү** – кепте көп кайталануучу жана белгилүү кеп чөйрөсүнүн катыштык талаптарына ылайык колдонуучу даяр кеп формулалары. *Мисалы: Сөз бериңиз, иштер кандай, кутмандуу кеч, ж.б.*

**Клише** (фр. cliche) –типтүү кептик контекстте жана кырдаалда механикалык түрдө айтылган стереотиптик сөз туюнтулушу.

**Коммуникативдик көндүм** – түрдүү кырдаалдарда баарлаша алуу билгичтиги.

**Конструкция** – бул грамматикалык мааниге ээ, кептеги тилдик биримдикти өз ичине камтыган синтаксистик байланыштагы сөз айкашы, сөз биримдиги.

**Компетенттүүлүк** – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү;

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – окутуу шартын камсыз кылган чөйрө, анда окуп жаткандарга таасир эте турган зыяндуу же коркунучтуу факторлор болбойт же алардын таасири аныкталган ченемден ашпайт.

- Физикалык коопсуздук коопсуз имараттарды, курулмаларды, инфраструктураларды, кайтарууну, терроризмден корголгондукту билдирет.
- Экологиялык коопсуздук коопсуз тамактануу, гигиена менен санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, турак жайдын ичиндеги микроклимат, жарыктандыруу, жалпы билим берүүчү уюмдардын химиялык булгануу тобокелчилигин жок кылуу маселелерин жөнгө салууну өзүнө камтыйт.
- Психологиялык жана маалыматтык коопсуздукка зомбулуктун бардык түрүн минималдаштыруу, инсандын өнүгүүсүнө шарт түзгөн, толеранттуу чөйрөнү уюштуруу, ошондой эле маалыматтык тобокелчиликтерден коргоо кирет.

**Коммуникация** – карым-катыш, баарлашуу, маалымат алмашуу.

**Кошумча билим берүү** – жарандардын кошумча билим алуу муктаждыгын канааттандыруу үчүн уюштурулган окутуу. *Балдарга кошумча билим берүү* – жалпы билим берүү ж. б. билим берүү уюмдарында окуудан бош мезгилинде базалык билим берүүдөн тышкары кошумча программаларды өздөштүрүү аркылуу балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кесипти эркин тандоосуна жана алардын кызыкчылыктарын, рухий талаптарын жана муктаждыктарын толугураак канааттандырууга негизделген мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүү тутумунун бир бөлүгү.

**Критерийлер боюнча баалоо** - бул окуучулардын билим жетишкендиктери так аныкталган, биргелешип иштелип чыккан, мурда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн белгилүү болгон, билимдин максаттарына жана мазмунуна шайкеш келген критерийлер менен салыштырып, окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга негизделген баа.

**4к компетенттүүлүгү** – адамга/окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация).

- **Сынчыл (критикалык) ойлом** – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп- натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат.
- **Креативдүүлүк (чыгармачылык)** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тыш чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү.
- **Коммуникация -** сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашыңызды жеткире билүү.
- **Кооперация (кызматташуу)** – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү,

ар кандай командаларда иштөө, жалпы максатты жана ага жетүү жолдорун аныктоо,

ролдорду бөлүштүрүү жана натыйжаны баалоо.

**Лексикалык минимум** – окуп үйрөнүү процессинин анык бир убакыт аралыгында окуучулар үйрөнүшү зарыл болгон лексикалык бирдик. Лексикалык минимумдун сандык жана сапаттык курамы сабактын максатына, этабына, тилди үйрөнүүгө берилген окуу сааттарынын санына көз каранды. Лексикалык минимум – тема боюнча аныкталган негизги түшүнүк жана терминди түшүндүрүү үчүн кеңейтилген сөз, сөз айкаштары.

**Маданий-тилдик иденттүүлүк** – өздөштүрүлүшү коомдук-маданий ыңгайлашууга, тилдик чөйрөгө биригүүгө түрткү боло турган окуу жана баарлашуу тилин аныктоо.

**Мазмундук тилке (линия)** – окуу предметинин мазмунун аныктап турган өзөктүк, тематикалык багыттар.

**Мотивация/Ички каалоо** (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түрткү берүү) – инсандын, аң-сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Натыйжалар (билим берүүдөгү)** – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

**Натыйжалар (билим алуудагы) –** окуучунун инсандык, жарандык жана кесиптик өзүн аныктоосундагы зарыл жана жетишерлик болгон жеке компетенттүүлүктөрүнүн жыйындысы. Билим берүү процессинин белгилүү баскычында бүтүрүүчү тарабынан окутуу максатынын орундалышы иретинде туюндурулат.

**Негизги компетенттүүлүктөр** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы.

**Окутуу максаты –** окуучулар когнитивдик (таанымдык), аффективдик (сезимдик-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөлөрдө жетише турган окутуунун акыркы жана аралык натыйжалары. Окуучулардын орчундуу жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн белгилүү деңгээлин өздөштүрүүсүнөн көрүнгөн (мугалим мыкты аңдап-түшүнө жана баалай биле турган) окутуунун натыйжалары аркылуу туюндурулат.

**Окутуу технологиясы** – так жана конкреттүү коюлган максатты (окутуунун натыйжаларын) жана ага ийгиликтүү жетүүнү камсыз кылуучу окутуу усулдары менен ыктарын пайдаланууну камтыган мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнүн үлгүсү. Окутуу технологиясы мугалим менен окуучунун иштиктүү өз ара аракеттешүүсүнүн камсыз кылган таанып-билүү ишмердигинин стратегиясына негизделет.

**Окутуу усулдары** (тар мааниде «усул-ыкма») – бул (мугалим жетектөөчү роль ойногондо) окутуунун билим берүүчүлүк, өстүрүүчү жана тарбиялоочу максаттарына жетишүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын өз ара аракеттешүүсүнүн белгилүү ыкмалары (кеңири мааниде «усул-концепция») – окутуунун ыкмалары менен каражаттарынын жыйындысы.

**Окуучулардын жетишкендиктери** – окуучулардын белгилүү бир убакыттагы көрсөткүчтөрүн салыштырмалуу сандык анализдин жылышы; башталгыч мектепти

бүтүрүүчүлөрүнүн сандык жана сапаттык маалыматтарынын жакшы жакка өзгөрүүсүнүн динамикасы.

**Окуудан күтүлүүчү натыйжалар** – билим берүү процессинин белгилүү бир баскычындагы негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуу деңгээлдери көрүнүп турган окуучулардын жетишкендиктеринин жыйындысы;

**Окутуу технологиясы** – билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму.

**Өз ара баалоо** – окуучулар өздөрүнүн биргелешкен ишмердигин талдап, бирин бири баалашат.

**Өзүн өзү баалоо** – бул өзүнүн күчтүү жана начар жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана кемчиликтери жөнүндө маалымат чогултууга багытталган процесс; (2) инсандын өзүн өзү баалоосу, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын жана адамдардын арасындагы ордун; инсандын кыймыл-аракетинин бирден бир күчтүү регулятору. Башкалардын арасында өзүн, өз мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын, өзүнүн ордун баалоо.

**Предметтик стандарт** – окуу предметинин алкагында окуучулардын жетишкендиктерин, аларга жетүү жана аларды баалоо ыкмаларын жөнгө салган документ.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө айрым предметтердин материалында аныкталуучу компетенттүүлүк.

**СМАРТ (SMART)** – (*анг.* **S**pecific - конкретүү, **M**easurable - өлчөнүүчү; **A**chievable - жетишилүүчү, **R**esult-oriented - натыйжага багытталган, жана **T**imed - анык мөөнөткө ылайык келүүчү); максат коюу ыкмаларынын бири катары *SMART-критерийлердин:* конкреттүү, өлчөнүүчү, жетишилүүчү, натыйжага багытталган жана анык мөөнөткө ылайык келүүчү деген талаптардын топтому.

**Социалдаштыруу** (*лат.* socialis – коомдук) – адамдын баарлашуу жана ишмердүүлүк аркылуу коомдогу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүп, өзүнө сиңирүүсү жана аны өзүнүн жүрүм-турумуна колдонуусу.

**Социалдык адаптация** – адамдын өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусу, жаңы топко көнүгүшүп кетүүсү.

**Социалдык коргоо** – адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоого, жүзөгө ашырууга, татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоого берилүүчү экономикалык, социалдык жана укуктук кепилдиктер.

**Скаффолдинг** – бул көйгөйдү чечүү үчүн, тапшырмаларды аткаруу үчүн же баланын жеке аракеттеринин, мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинен тышкары максаттарга жетишүү үчүн балага ар кандай колдоо көрсөтүүнүн түрлөрүн камсыз кылган мамиле. Бул окуучулар арасында өз алдынчалуулукту акырындык менен түзүүгө жардам берген усул.

**Тилдик (лингвистикалык) көндүм** – бул экинчи тилди окуп үйрөнүүдө окуучунун калыптана турган көндүмдөрүнүн (кептик, коммуникативдик көндүмдөр менен катар) бири, морфологияны, синтаксисти, сөздүн курулушун билүү;

**Тилдик конструкция** – бул синтаксистик байланыштагы сөз айкашы, сөздүк курулуш.

**Тилдик модель** – туруктуу элементтерден турган, мыйзам ченемдүү байланыш менен бириктирилген, символдор менен берилүүчү тилдик үлгү.

**Туташ эмес текст** – маалымат сөз менен гана берилбеген текст. Текстте бир нече маалымат булагы болот, окуучулар алар менен иштешет. Туташ эмес тексттерде

таблицалар, графикалар, схемалар, таяныч конспектилери, окуу китептердеги иллюстрациялар, транспорт кыймылынын расписаниеси, сайттардын карталары, көрсөтмөлөр ж.б. кирет.

**Туташ текст** – формулалар, таблицалар, баш темалар, иллюстрациялар жок текст. Алар түрдүү жанрдагы жана түрдөгү тексттер, анын ичинде аңгемелер, ырлар, макалалар, мектеп дил баяндары.

**Усул (метод)** (грек. *metodos – жол*) – турмуш-тажрыйбада таанып-билүүнүн белгилүү натыйжаларына жетүү ыкмасы

**Функционалдык сабаттуулук** – окуу процессинде билимдерди, билгичтик жана көндүмдөрдү адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуунун жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык жана турмуштук маселелерди кеңири чечүү үчүн колдоно билүү.

## 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

### 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Бул стандарт кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда грамматикалык мамилени функционалдуу-коммуникативдик мамилеге өзгөртүүнү максат кылат жана мектепте кыргыз тилин деңгээлдер түзүмү менен байланыштырат.

Тил билүү деңгээлдер системасы (түзүмү) Европа Кеңешинин өлкөлөрүнүн эксперттеринин чет тилдерди окутууга мамилелерди системалаштыруу боюнча ишинин алкагында иштелип чыккан.

«Компетенттүүлүктөр»[2] коммуникация ийгиликтүү болуш үчүн тил үйрөнүүчү баарлашуу максатында эмнелерге ээ болуу керек, кандай билимдер жана көндүмдөрдү өздөштүрүү керек экенин түшүнүктүү формада аныктайт.

Предметтик стандартты иштеп чыгууда европалык деңгээлдер түзүмү менен шайкеш келген россиялык, Орто Азиянын (Казакстандын) деңгээлдер түзүмүнүн принциптери жана негизги талаптары эске алынды.

**Тил билүү деңгээлдеринин системасы**

Предметтик стандарт башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн жыйынтыктарына коюлган Мамлекеттик стандарттын талаптарын тактайт жана ишке ашырат. Предметтик стандарт билим берүү тармагынын ичинде уланмалуулукту жана ырааттуулукту камсыз кылат.

Мамлекеттик жана предметтик стандарттардын талаптарында белгиленген билим берүүнүн натыйжаларына ээ болгон бүтүрүүчүнүн төмөнкү **модели** түзүлөт:

1) башталгыч жалпы модель

2) негизги жалпы модель

3) жалпы орто модель.

**1) Башталгыч жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:**

[2] См. подробнее: Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: изучение, обучение, оценка. – Страсбург: Департамент по языковой политике. Московский государственный университет (русская версия), 2003. // URL: http://www.twirpx.com/file/1464690/; Common European Framework of Reference for Languages: Learning, Teaching, Assessment (CEFR) // URL: http://www.coe.int/t/dg4/linguistic/Source/Framework_EN.pdf

- окуунун жана окуганын түшүнүүнүн, жазуунун, курчап турган дүйнөгө байкоо жүргүзүүнүн, өлчөөнүн, эсептөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болот, маалыматтын ар кандай түрлөрү менен иштөө алгоритмдерин жана бул көндүмдөрдү окуу жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн функционалдык деңгээлде колдоно алат.

**Тил билүү деңгээлдери:**

- окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде *кыргыз тили* – А1 (элементардык, тил чөйрөсү жок болгондо), А1+ (элементардык, тил чөйрөсү бар болгондо) деңгээлде окутулат;

- жөнөкөй маалыматты тандап алуу көндүмдөрүнө ээ болот;

- адам, жаратылыш жана коом, алардын өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы жөнүндө жалпы түшүнүктөрү бар;

- өзүн демократиялык коомдун жараны катары сезет, адеп жана жүрүм-турум ченемдерин сактайт;

- негизги мектепте окууну улантууга максаттуу жана жүйөлүү окуу ишин, өз алдынча жана топтук иштерди жүргүзүү жөндөмүнө ээ;

- социалдык алгылыктуу жүрүм-турум, эмпатия, теңтуштары жана чоңдор менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрүнө ээ болот;

- окууда жана турмуштук кырдаалдарда пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин аныктоо, аларды чыр-чатаксыз жолдор менен чечүү жөндөмүнө ээ;

- жеке гигиенанын, сергек жана коопсуз жашоонун элементардык көндүмдөрүнө жана башка «жашыл көндүмдөргө» ээ болот.

### Тил билүү деңгээлдери

**1-таблица.**

| | Деңгээлдер | Тилдик чөйрө жок кырдаалда | Тилдик чөйрө бар кырдаалда |
|---|---|---|---|
| **1. Башталгыч жалпы модель** | А1 элементардык | 1 – 4 - класстар | |
| | А1+ элементардык | | 1 – 4-класстар |
| **2. Негизги жалпы модель** | А2 + баштапкы орто | 5 – 9- класстар | |
| | В1– орто | | 5– 9-класстар |
| **3. Жалпы орто модель** | В1 орто | 10–11-класстар | |
| | В1+ ортодон жогорку | | 10 –11-класстар |

### Тил билүү деңгээлинин сыпаттамасы

**2-таблица.**

| Тил билүүнүн мүнөзү | Деңгээлдердин сыпаттамасы |
|---|---|
| **А1 – Элементардык деңгээл** | |
| **А1<br>Тилди эң жөнөкөй түрдө колдоно билүү** | Берилген тематиканы, тапшырманы түшүнүп, ал боюнча сөз, сөз айкаштарын, фразаларды колдонуп, коюлган маселеге жооп бере алам. Өзүмдү, башкаларды тааныштырып, дарек, тааныштар, оокат-жай тууралуу суроолорго жооп бере алам. Тилдин эң жөнөкөй түрүн колдонуп, сөздөрдү шашпай, жай, так, даана сүйлөгөнгө (жооп берип, сүйлөшүүгө) катышып, оюмду айта алам. |

Керектүү деңгээлге жетишүү үч этапта калыптандырылат.

Башталгыч деңгээлдеги экинчи тилди билүү көндүмдөрүн өздөштүрүү этабында (жеке темаларды жана негизги темаларды киргизүү, 1-4-класстардын талаптарын киргизүү, окуу, угуу, сүйлөө, сүйлөө жана жазууда башталгыч мектеп окуучуларынын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен; 1-4-класстарда, эң жөнөкөй деңгээлде кенже мектеп окуучуларынын жаш курагын эске алып, окууда, угууда, сүйлөөдө, жазууда элементардык коммуникативдик көндүмдөрү калыптандырылат; эне тилинде жана экинчи тилде (кыргыз тилде) универсалдуу тилдик түшүнүктөр, баарлашуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк калыптанат.

**Башталгыч класстарда экинчи тил катары кыргыз тилине ээ болуу деңгээлдерине талаптар**

**3-таблица.**

| Деңгээлдер / класстар | | Тил менен кептин аспектилери | Деңгээлдердин мүнөздөмөсү | Лекси-калык минимум |
|---|---|---|---|---|
| А1 – элементардыккк | 1-класс | **Лексика** | Сөздүк кору конкреттүү темалар боюнча өзүнчө жөнөкөй сөздөрдөн жана сөз айкаштардан турат | **1-класс:** 200 - 250 сөз |
| | | **Грамматика** | Сүйлөмдөрдүн жаттап алган конструкцияларынын жана моделдеринин чектелүү санын колдоно алат | |
| | | **Угуу** | Тамгаларды жана тыбыштарды кулак менен угуп айырмалап, муундарды айырмалайт, ар бир сөздү так жана тынымдар менен айтканда айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарды түшүнөт. | |
| | | **Окуу** | Тааныш аталыштарды, сөздөрдү, жөнөкөй фразаларды түшүнөт | |
| | | **Сүйлөө** | Жакшы жаттаган жөнөкөй фразаларды кебинде колдонот. | |
| | | **Жазуу** | Жазуу техникасына, жазуунун негизги көндүмдөрүнө ээ, алфавит менен тааныш, тамгаларды туура жазат, бул мезгилде жазуунун ар кандай түрлөрү чоң мааниге ээ болот | |
| | 2-класс | **Лексика** | Сөздүк кору күнүмдүк баарлашуунун тааныш кырдаалдарында катышуу үчүн жетиштүү: мектепте, көчөдө, ашканада ж.б. | **2-класс:** 250 - 300 сөз |
| | | **Грамматика** | Окуп-үйрөнгөн жөнөкөй грамматикалык конструкцияларды туура колдонот | |
| | | **Угуу** | Ар бир сөз так, чоң тынымдар менен айтылган абдан жай кепти байкайт | |
| | | **Окуу** | Абдан кыска жөнөкөй тексттерди фразаларга бөлүп окуп, тааныш аталыштарды, сөздөрдү бөлүп окуп, керектүү учурда, кайра кайталап окуп түшүнөт | |
| | | **Сүйлөө** | Белгилүү темалардын чегинде жөнөкөй суроолорду берет, жооп берет. | |
| | | **Жазуу** | Жөнөкөй, бири-бири менен байланышпаган сүйлөмдөрдү жазат, кыргыз графикасы менен орфографиясынын жөнөкөй эрежелерин билет, жөнөкөй жазууларды жазат | |
| | 3-класс | **Лексика** | Сөздүк кору негизги коммуникативдик муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жетиштүү: билүү, суроо, сурануу, кеңеш берүү ж.б. | **3-класс:** 300 - 350 сөз |
| | | **Грамматика** | Баарлашуунун тааныш кырдаалдарында жетишерлик сабаттуу кепке ээ. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Угуу** | Аңгеменин маанилүүлүгүнө байланыштуу фразаларды жана сөз айкаштарын (адам, анын үй-бүлөсү, сатып алуулары, эмне кайда экендиги жөнүндө жөнөкөй маалымат), так жана жай айтылганда түшүнөт. | |
| | | **Окуу** | Эң көп кездешүүчү лексиканы камтыган кыска жөнөкөй тексттерди түшүнөт. | |
| | | **Сүйлөө** | Диалогго катышуучу жай темпте сүйлөсө, диалогго катыша алат; жөнөкөй фразаларды жана сүйлөмдөрдү колдонуп, билген адамдар жана жашаган жери жөнүндө айтып берет. | |
| | | **Жазуу** | "жана", "бирок", анткени" сыяктуу жөнөкөй байламталар менен байланышкан фразалар менен сүйлөмдөрдүн катарын жазат; жазууда өз ойлорун билдирет, суроолорго жооп берет; Жөнөкөй открыткаларды (мисалы, майрам менен куттуктайм) жазат. | |
| | **4-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору көптөгөн күнүмдүк темаларга баарлашууга жетиштүү: үй-бүлө, достор, мектеп, үй, эс алуу, окуялар ж.б. | **4-класс:** 350-400 сөз |
| | | **Грамматика** | Башталгыч класстардын тематикасынын чегинде жайылган кырдаалдар менен байланышкан стандарттык конструкциялардын кайсы бир санын сабаттуу колдонот. | |
| | | **Угуу** | Ачык жана жай сүйлөгөн шартта кыска фразаларды, сөз айкаштарды, кыска аңгемелерди түшүнөт. | |
| | | **Окуу** | Кыска жөнөкөй тексттерди түшүнөт, күнүмдүк баарлашуунун жөнөкөй текстиндеги конкреттүү маалыматтарды табат: жарнамаларда, проспекттерде, менюда, жүгүртмөлөрдө. | |
| | | **Сүйлөө** | Тааныш темалардын чегинде маалымат алмашууну талап кылган жөнөкөй типтүү кырдаалдарда жөнөкөй фразалар менен сүйлөмдөрдү колдонуп баарлаша алат, өзү, өз үй-бүлөсү, окуусу, күнүмдүк жашоосу жөнүндө айтып берет. | |
| | | **Жазуу** | Жазуу формасында өз ойлорун билдирет, суроолорго жооп жазат, жеке мүнөздөгү жазууларды жазат (мисалы, бир нерсе үчүн бирөөгө ыраазычылык билдирүү), жат жазуу, башталгыч класстардын тематикасынын чегинде мини-эссе жазуу ж.б. | |
| | | | | **1-4- класстар:** 1250-1500 сөз |

Ар бир класста активдүү өздөштүрүү үчүн сөздүн нормаларын аныктоодо, бул лексикалык бөлүктөрдүн бул санын өздөштүрүү окуучуларга күнүмдүк иш-аракеттер чөйрөсүндө байланышууга мүмкүнчүлүк берет. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн эң аз дегенде 1250-1500 лексикалык бирдиктери, анын ичинен 200-250 сөз 1-класста, 250-300 сөз – 2-класста активдүү сөз, 300-350 сөз 3-класста, 350-400 сөз 4-класста, (бардыгы 1250-1500). Пассивдүү сөздөр жалпы лексиканын ичинде 1200 кө жакын сөз берилет.

Ошентип, башталгыч мектепте **кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максаты** кенже окуучулардын алар үчүн жетиштүү болгон деңгээлде кеп ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрүндө: угуу, сүйлөө, окуу жана жазууда элементардык коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу болуп саналат.

*Аталган максатка жетүү төмөнкү милдеттердин аткарылышын карайт.*

**Милдеттери:**

**Таанып-билүүчүлүк** – окуучу баарлашуу максаттарына жетүү үчүн белгилүү лексикалык жана грамматикалык зарыл билимдерди өздөштүрүшү, социалдык жагдайга жараша керектүүсүн тандап туура колдоно алышы керек.

**Жүрүм-турумдук** – карым-катыштын социалдык-тиричилик, социалдык-маданий жана расмий-ишкер чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилде түшүнүшүү жана баарлашуу үчүн жетиштүү деңгээлде тил ишмердигинин түрлөрүн (угуу, окуу, жазуу, сүйлөө ыктарын) эркин колдоно билиши керек.

**Баалуулук** – окуучу кыргыз тилинде сүйлөгөн элдин маданиятындагы баалуулуктарды кабыл алып, өзүнүн жана коомдун өсүп-өнүгүшү үчүн көп тил билүү зарылдыгын аңдашы керек.

## 2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы

**Мамлекеттик тилди окутууда коммуникативдик мамиле.** Коммуникативдик мамиледе окутуу ишмердүүлүктүк мүнөзгө ээ, анткени сабактарда реалдуу баарлашуу оозеки ишмердүүлүктүн жардамы аркылуу аткарылып, анын жардамы менен окуучулар реалдуу же элестетилген милдеттерин аткарышат. Тил окутууга коммуникативдүү мамиленин борборунда окуу ишмердүүлүгүнүн субъектиси катары окуучу турат дегенди билдирет, ал эми окутуунун системасы окуучунун жекече-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, инсандын курактык жана улуттук өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле анын кызыкчылыгын эске алат.

Аталган мамиле окутуунун объекти катары сүйлөө ишмердүүлүгү анын угуу, сүйлөө, окуу, жазуу түрлөрүндө болот. Коммуникативдик мамиле тил боюнча сабактарды баарлашууга үйрөнүүгө, тилди ой бөлүшүү максатында пайдаланууга багыттайт. Ал үчүн сабакта негизги көңүл окуучулардын баарлашуу керектөөлөрүнө жана баарлашуу процессинде негизги кесиптик, жалпы маданияттык баалуулукту көрсөткөн маалыматка бурулуш керек.

Кыргыз тилине экинчи тил катары окутуудагы функционалдык-коммуникативдик мамиле окутуунун бардык этаптарында жана формаларында окуучуларды кыргыз тилине тез аралаштырууну карайт. Ошол эле учурда сабактардын сүйлөө багыты максат катары эле эмес, максатка жетүүчү каражат да болуп эсептелет.

Окуучунун сабаттуулугун өркүндөтүү жана сөз байлыгын арттыруу менен байланыштуу кебин өнүктүрүү иши – "Кыргыз тили" китеби менен жүзөгө ашат. Кыргыз тили китебинде кыргыз алфавитин бекемдеп өздөштүрүү жана фонематикалык кабыл алуусун өркүндөтүү, кеп өстүрүү, сөз өстүрүү аркылуу каллиграфиялык сабаттуулугу системалуу жана биргеликте жүрөт. Ал кезде окуучулардын сүйлөө жана жазуу маданиятына айрыкча маани берилет, т.а. окуучулар кыргызча муунду, сөздү жана сүйлөмдөрдү, бара-бара чакан текстти туура окуу жана туура сүйлөө менен жазууга, эне тилинде так, таза окуп-жазууга, логикалуу сүйлөм түзүп сүйлөөгө басым коюлат. Сүрөт менен иштеп, сүйлөм түзүп айта алууга, окуганынын мазмунун айтып берүүгө жетишет. Кыргызча кеп этикетине машыгышат.

Кыргыз тили предметин окутуунун жетектөөчү компоненти ишмердиктин ыкмалары болуп саналат. Кыргыз тили предмети аталган компоненттердин биримдигинен турат.

Натыйжада, Кыргыз тили предмети окуучулардын кыргыз тилиндеги сабаттуулугун түптөп, калыптандырып жана өнүктүрүүгө кызмат кылат, мисалы:

- окуучулардын фонематикалык кабыл алуусу калыптанат;
- тыбыштарды туура айтып, туура каллиграфияга жана сабаттуу жазууга, андан жазуу маданиятына үйрөнөт;
- орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулугу бекемделет;

- мамлекеттик тилде таза, туура, так, логикалуу сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүнө жатыгат;
- текст тууралуу, анын темасы, идеясы, түзүлүшү, тилдик каражаттары, стилдери, андагы кептин түрлөрү тууралуу билимдерге жана көндүмдөргө ээ болушат;
- кыргыз тилин сабаттуу үйрөнөт жана тилдик, окурмандык компетенттүүлүгү калыптанат.

**Экинчи тилди коммуникативдик окутуу принциптери.** Тилди өздөштүрүүнүн психолингвистикалык изилдөөлөрү тилге үйрөтүүдөгү коммуникативдик окутуунун негизги прициптерин аныктайт, бул прициптерди лингводидактикада сактоо керек. Окутуу кыргыз, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде "Кыргыз тили" предметтик стандарты жалпы илимий мамилелерге (системалык, ишмердүүлүк, аксиологиялык, маданий) жана дидактика принциптерине (илимий, жеткиликтүүлүк, максатка багытталгандык, системалуулук жана ырааттуулук, көрсөтмөлүүлүк, окутуунун жашоо менен байланышы, аң-сезим жана активдүүлүк, бекемдик) негизделет, ошондой эле предметти өздөштүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнөн келип чыккан жеке дидактикалык предметтик принциптерди эске алат: кепке багытталуу принциби, функционалдуулук принциби, кырдаалдык принцип, жаңылык принциби, коммуникациянын жеке багыт принциби, жамааттык өз ара аракеттенүү принциби, социалдашуу принциби, комплекстүүлүк (бүтүндүк) принциби, эне тилин эсепке алуу принциби жана грамматикалык материалды синхрондоштуруу принциби, инклюзивдүүлүк принциби.

**Кепке багытталуу принциби** – экинчи тилге баарлашуу аркылуу окутууну талап кылат. Бул сабактын практикалык багытталышын билдирет: сүйлөөгө – сүйлөп үйрөтүү, угууга – уктуруп үйрөтүү, окууга – окутуп үйрөтүү. Колдонулуучу кептик көнүгүүлөр өлчөнгөн лексиканын көлөмүн жана грамматикалык конструкциялардын жыйындысын камсыздайт, алар чыныгы баарлашуу шартында пайдаланылат.

**Функционалдуулук принциби** – сөздөрдү жана грамматикалык формаларды, алардын колдонуу формасынан ажыратып өздөштүрүү мүмкүн эместигин аныктайт. Сөздөр да, грамматикалык формалар да дароо иш-аракет учурунда өздөштүрүлөт: окуучулар кандайдыр бир кептик маселени аткарууда – ойду тастыктайт, укканын күмөндөйт, бир нерсе жөнүндө сурайт, аңгемелешип жаткан кишинин иш-аракетине түрткү берет жана ошол процессте керектүү сөздөрдү же грамматикалык формаларды өздөштүрөт.

**Кырдаалдык принциби** – окуу процессин ролдоштуруп уюштуруунун маанилүүлүгүн белгилейт. Кырдаалдар жана сүйлөшүүнүн жагдайынын негизинде окуучуларды кызыктырат, алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша материалдарды топтоо жана уюштуруу эң маанилүү болуп эсептелет. Сүйлөшүүгө үйрөтүүнүн бардык ишмердүүлүгү жагдай аркылуу жана анын жардамы менен гана өткөрүлөт. Кырдаалдар ой-пикирди айтууга шыктандыруу жана кептик көндүмдүн сапатын өнүктүрүү функциясын аткаруусу зарыл.

**Жаңылык принциби** – сабактын ар кандай компоненттеринде көрсөтүлөт: кептик-кырдаалдын жаңычылыгы (баарлашуунун темасынын алмашуусу, талкуулоо маселелеринин өзгөрүшү ж.б. ) колдонулуучу материалдардын жаңычылыгы, сабакты уюштуруунун жаңычылдыгы (түрү, формасы, иштөөнүн ар түрдүү ыкмалары). Мындай учурда окуучулар эстеп калуу үчүн түздөн-түз көрсөтмө алышпайт – бул кеп ишмердүүлүгүнүн материал менен иштөөдөгү кошумча натыйжасы (ыктыярсыз эстеп калуу) болуп калат.

**Баарлашуунун жекечелик багытталуу принциби -** окуучунун жекече мүнөздөмөлөрүн эсепке алуу каралат: анын кызыкчылыгы, тилге жөндөмү, окуу жана кеп ишмердүүлүгүн ишке ашыра алуусу, өз ара карым-катнаш түзүүсү ж.б. Ошентип сүйлөшүүнүн эффективдүү шарттары түзүлөт: коммуникативдик шыктануу пайда болот, сүйлөөнүн максаттуулугу камсыздалат, өз ара карым-катнашка тартылат ж.б.

**Социализация принциби -** сабакта интерактивдүү окуу чөйрөсүн уюштурууну карайт: биргелешүү, жагымдуу окуу атмосферасы, ишти жекече жана топтордо уюштуруу формасы, социалдык активдүүлүк жана социалдык жөндөмдүүлүктөрдү өздөштүрүү. Башталгыч класстарда балдар социалдык жөндөмдөрдү ар түрдүү оюндарда, оюндук кырдаалдарда өздөштүрүшөт. Анда окуучулар бири-бири менен активдүү баарлашат, ар биринин ийгилик шарттары – калгандарынын да ийгилиги болуп эсептелет.

**Экинчи тилди окутууда комплекстүүлүк (бүтүндүк) принциби** сүйлөө ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнүн өз ара көз карандылыгын жана өз ара байланышын бир сабактын ичинде да, бүтүндөй тилди өздөштүрүүдө да болжолдойт. Окутууда комплекстүүлүктү сактоо үчүн, сүйлөө иш-аракеттеринин бардык түрлөрүн бир эле учурда өздөштүрүү маанилүү; алардын өз ара аракеттенүүсүн эске алуу; сүйлөө иш-аракеттеринин ар бир түрү кезектешип эң маанилүү орунду ээлейт, ал эми калган үч түрү негизги тапшырманы аткарууну колдойт жана жеңилдетет; сабак же бир катар сабактар комплекстүү темада пландаштырылып, өткөрүлөт; сабак тилдин орфоэпиялык, семантикалык жана структуралык аспектилерин камтыйт.

**Эне тилин эсепке алуу жана грамматикалык материалды синхрондоштуруу принциби** окутуунун мазмунун тандоодо, үйрөнүлүп жаткан тилдин фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык деңгээлдерин окутууда, графиканы жана орфографияны окутууда, семантизацияда, сүйлөө иш-аракеттеринин түзүмүн аныктоо үчүн кыйынчылыктарды (мүмкүн болгон интерференцияны) болжолдоо үчүн окуучулардын эне тилдеги сүйлөө тажрыйбасын эске алуу зарылдыгын карайт. Экинчи тилде грамматикалык түшүнүктөрдү эне тилден озуп кетпестен киргизүү да каралган.

**Инклюзивдүүлүк принциби** ар кандай балдардын экинчи тилди өздөштүрүү процессине катышууну камтыйт, мында алардын бири да сырткы келбетине, тегине, жынысына, физикалык абалына, ден соолугуна, ориентациясына жана башка белгилерине карабастан, өзүн сыртта жана четте калгандай сезбейт.

Бул принциптерди ишке ашыруу окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн эң толук инструменталдык базаны түзүүгө мүмкүндүк берет.

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу башталгыч мектептин окуучуларында негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат. Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык, “Филологиялык" билим берүү чөйрөсү окуучулардын кептик, тилдик жана социомаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.

**ПК 1. Кептик компетенттүүлүк** – кеп ишмердигинин негизги 4 түрүндөгү (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү.

**ПК 2. Тилдик компетенттүүлүк** – негизги мектеп үчүн тандап алынган темаларга, баарлашуу чөйрөлөрү менен кырдаалдарына жараша тилдик (фонетикалык, орфографиялык, лексикалык, грамматикалык) каражаттарды колдоно билүү, үйрөнүлүп жаткан тилдеги өзгөчөлүктөр жөнүндө билимдерди, ойду туюнтуучу ар түрдүү ыкмаларды өздөштүрүү.

**ПК 3. Социомаданий компетенттүүлүк** – окуучулар өздөрүнүн тажрыйбасына, кызыкчылыктарына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленген баарлашуу темаларынын, чөйрөлөрүнүн жана кырдаалдарынын чегинде, үйрөнүлүп жаткан тилде сүйлөгөн элдин маданиятына, каада-салттарына, турмуш чындыгына, тиешелүү маданиятка, салттарга аралашып, маданият аралык баарлашуу шартында өз өлкөсүн, анын маданиятын башкаларга тааныштыра билиши керек. Окуудагы жалпы талаптарды жана атайын билгичтиктерди андан ары өнүктүрүү, тилдерди жана маданияттарды өз алдынча

үйрөнүү ыкмаларын, бул үчүн жаңы маалымат технологияларын колдонууну балдарга жеткиликтүү түрдө тааныштыруу да бул компетенттүүлүктүн курамына кирет.

Билгичтиктерди өнүктүрүүдө маалымат алуу жана өткөрүп берүү үчүн тилдик каражаттардын жетишсиздиги эске алынат (ошондуктан реалдуу баарлашуу шартында жетишпеген билимдердин ордун толуктоо үчүн катнаш стратегияларын колдоно билүү зарыл болот).

Билим берүүнүн мамлекеттик стандартында аныкталган боюнча предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу төмөндөгүдөй деңгээлдерде болот:

- биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгүгө карап иштөө билгичтиктери менен мүнөздөлөт;
- экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткарууну, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонууну мүнөздөйт;
- үчүнчү деңгээл (креативдүү) татаал курамдагы ишмердүүлүктү, анын өз алдынча конструкциясынын жана негиздөөсүнүн элементтери менен ишке ашырууну эске алат.

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жалпы мектептик билим берүү системасы үчүн төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктү аныктайт:

1. **Маалыматтык компетенттүүлүк** – окуучулардын кыргыз тилинде өз алдынча маалымат алуу, издөө, талдоо, тандап алуу, иштеп чыгуу, жүйөлүү тыянактарды түзүү, анын ишенимдүүлүгүн баалоо, сынчыл ой жүгүртүү жана өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча негиздүү чечимдерди кабыл алуу, көз карашын бекемдөө, анын ичинде маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу жөндөмү;

2. **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** - өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен кыргыз тилинде жазуу жана оозеки түрүндө сабаттуу, маданияттуу негизде байланыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) баалуулуктарын урматтоонун негизинде коргоп калууга; көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды алуу, аны оозеки жана жазуу жүзүндө берүү, диалог куруу мүмкүнчүлүгү; баарлашууда эмоционалдык интеллектти колдоно жана өркүндөтө билүү;

3. **Өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү** - маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды мамлекеттик тилинде пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле кыргыз тилинде турмуштук ар кандай көрүнүштөрдө, кырдаалдарда сабаттуулук менен чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык.

Предметтик компетенттүүлүктөр окуучулардын чыныгы коммуникативдик керектөөлөрүн, карым-катнаш үчүн керектүү биргелешип макулдашылган ыктарын аныктайт, негизги компетенттүүлүктөрдүн ишке ашырылышына алып келет: маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү. Тилдик жана кептик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу окуучулардын маалыматтык компетенттүүлүктөрүн, кептик жана социомаданий компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу өз учурунда социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган. Өзүн өзү таануу жана көйгөйдү чечүү окутуунун интерактивдик методдорун жана окутуудагы ар түрдүү формаларды колдонууда калыптанат, окуучулардын маселени чечүү жолдорун тандоосу жана өздүк чечим кабыл алуусуна байланышкан окуу ишмердүүлүгүнүн түрдүү формаларында: турмушка жакын кептик кырдаалдар, коомдук жашоонун көп кырдуулугун чагылдырган тексттерге атайын

тапшырмалар, кептик ойлонуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүү максатына ылайык келген кошумча тапшырмалар, көнүгүүлөр ж.б.

Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжалардагы предметтик компетенттүүлүктөрдүн ишке ашырылышына мисалдар менен 1-схемада көрсөтүлгөн.

**Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланыш таблицасы**

**4-таблица.**

| **Негизги компетенттүүлүктөр** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** | | |
|---|---|---|---|
| **Маалыматтык** | **ПК1. Кептик** | **ПК2. Тилдик** | **ПК3. Социомаданий** |
| ***Окуучулардын даярдыгы жана жөндөмдөрү*** | | | |
| маалымат менен иштөө компетенттүүлүгү:<br>маалыматты бат жана өз алдынча табуу, талдоо, тандоо, иштеп чыгуу;<br>далилденген тыянактарды чыгаруу;<br>маалыматты ырастоо жана ырастыгын баалоо;<br>окуучунун өз ишин пландаштыруу, жүргүзүү боюнча сынчыл ойлому;<br>өз ишин пландаштыруу боюнча ойлонулган чечимдерди чыгаруусу | коммуникативдик милдетке жараша баарлашуунун түрдүү кырдаалдарында керектүү кептик каражаттарды тандап колдонуусу;<br>тил үйрөнүү процессиндеги кептик кырдаалдардын чегинде өз көз карашын далилдүү билдирүүсү;<br>коммункативдик милдетти белгилүү бир кептик кырдаалга ылайык пландаштыруу жана ишке ашыруу;<br>маалымат жана коммуникация технологияларын колдонуу | адабий тилдин нормаларына ылайык тилдик каражаттарды табуу, тандоо, талдоо;<br>маалымат жана коммуникация технологияларын колдонуу менен тилдик каражаттарды табуу, тандоо, талдоо;<br>тилди эрежелерге ылайык колдонуу;<br>өз алдынча (эссе, чакан дил баян, оозеки сүйлөө) продуктивдүү иш жаратуу, ошондой эле укканы боюнча баяндама жазуу, окуганын же укканын оозеки айтып берүү | баарлашуунун түрдүү кырдаалдарында, ошондой эле МКТ колдонуу аркылуу окуучулар өз кебинде адеп сөздөрдү жана сөз айкаштарды орду менен колдонуу үчүн өз алдынча издөөсү, тандоосу жана талдоосу |
| **Социалдык-коммуникативдик** | **ПК1. Кептик** | **ПК2. Тилдик** | **ПК3. Социомаданий** |
| окуучулардын өз кызыкчылыктарын, каалоолорун башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен тең салмакташтырып бирге кароого даярдыгы;<br>диалог түзүү жөндөмдүүлүгү, башкалар менен диалог түзүү | баарлашуунун түрдүү кырдаалдарында кеп маданиятына ылайык баарлашууга даярдыгы;<br>диалог түзүү жөндөмдүүлүгү, башкалар менен диалог түзүү аркылуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды табуусу;<br>көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды оозеки жана жазуу | коммуникативдик милдеттерди аныктоого даярдыгы;<br>үйрөнгөн тилдик каражаттарды (сөздөрдү, алардын формасын, синтаксистик конструкцияларды) коммуникативдик милдеттерге ылайык тандоо жана колдонуу; | кыргыз тилинии улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен диалог куруу;<br>кеп адебинин нормаларына ылайык диалог куруу;<br>тилдик көп түрдүүлүктү позитив менен кабыл алуу, сыйлоо;<br>көп маданияттуулукта өз ара |

| | | | |
|---|---|---|---|
| аркылуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды табуусу;<br>көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуусу | түрүндө билдире алуусу | | эффективдүү аракеттешүүгө үйрөнүү |
| **Өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү** | **ПК1. Кептик** | **ПК2. Тилдик** | **ПК3. Социомаданий** |
| түрдүү көйгөйлөрдү, таап аныктоо жөндөмдүүлүгү;<br>маалыматтагы карама-каршылыктарды көрө билүү, окууда жана турмуштук кырдаалдардагы карама-каршылыктар менен дал келбестиктерди аныктоо;<br>аларды чечүүнү пландаштыруу жана сынчыл ойлом, талдоо көндүмдөрүн пайдаланып, өз алдынча же башкалар менен биргеликте чечүү | окууда жана баарлашууда турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү аныктап көрө билүү;<br>аларды сынчыл кароо жана аларды чечүү үчүн кызматташуу диалогун демилгелөө жана колдоо | өзүнүн жана классташтарынын түзгөн тексттериндеги грамматикалык жана маанилик каталарды таба билүү;<br>ал каталарды өз алдынча же башкалар менен биргеликте редакциялоо, сынчыл ойлом көндүмүн, башка адамдын пикирине сый мамиле кылуу көндүмүн колдонуу. | окуучулардын долбоордук ишмердүүлүктөрүн, изилдөө жана иликтөө ишмердүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн жупта, топто, класс менен иштей алуусу |

Таблицада көрсөтүлгөн өз ара байланыштар Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда күтүлүүчү натыйжаларды жана көрсөткүчтөрдү жазып чыгуу үчүн негиз болот.

## 2.5. Мазмундук тилке (линиялар). Окуу материалдарынын мазмундук тилкелер (линиялар) жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү

Окутуунун максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу, предметтик компетенттүүлүктү калыптандыруу предметтин системалуулугун, үзгүлтүксүздүгүн, илимий негизин чагылдырган предметтин мазмундук тилкелери (линиялары) түрүндө уюштурулган белгилүү бир мазмунда жетишилет.

Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4-класстары үчүн “Кыргыз тили" сабагынын мазмундук тилкелери (линиялары) болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Оозеки жана жазуу кеби
2. Окуу жана түшүнүү.
3. Тилдик системанын элементтери.
4. Кептик баарлашуунун социалдык-маданий элементтери

**1- мазмундук тилке (линия). Оозеки жана жазуу кеби**

"Оозеки жана жазуу кеби "мазмундук тилкеси кенже окуучулардын экинчи тилде оозеки жана жазуу жүзүндөгү маалыматты кабыл алуу жана түшүнүү, аны ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда колдонуу, башка адамдар менен диалогдук жана монологдук формада баарлашуу жөндөмдөрүн калыптандырууга багытталган. Бул мазмундук тилкенин негизи угуу, сүйлөө жана жазуу кептик көндүмдөрүнүн байланышынан турат.

Угуу (аудирование) балдардын оюн топтоп угуу жана элементардык айтууларды түшүнө билүү, айрым элементардык айтуулардын маанисин (сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн), анын чыныгы маанисин түшүнө билүү жөндөмүн өнүктүрүүнү камтыйт.

Сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү окуучулардын сөз байлыгын байытуу, кептин үн маданиятына тарбиялоо, кептин грамматикалык түзүлүшүн колдоно билүү, көркөм айтуу, көркөм окууну жана көркөм айтууну байланышта өнүктүрүү, өзгөчөлүктөрдү айырмалай билүү, диалогго жана монологго катышуу сыяктуу максаттуу комплекстүү ишти карайт.

Жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иш башталгыч мектеп окуучуларынын жазуу көндүмдөрүн, жазуу жүзүндө башка адамдар менен өз ара аракеттенүү жөндөмүн калыптандырууну камтыйт. Ошондой эле, эне тил сабактарында түзүлгөн тиешелүү көндүмдөрдү: окуучулардын тилдин графикалык системасын өздөштүрүүсүн, жазуу техникасын өнүктүрүүнү, жазуу иштерин жасалгалоо маданиятын экинчи тилде да өздөштүрүүсүнө багытталган.

**2 - мазмундук тилке (линия). Окуу жана түшүнүү**

"Окуу жана түшүнүү" мазмундук тилкеси окуучулардын үн чыгарып эркин, туура, шар, бир калыпта көркөм окуу, окугандарын түшүнүү жана чечмелөө көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. Окуу көндүмү көп түрдүүлүк, толеранттуулук, гендердик теңчилик жаатындагы ар кандай стилдеги (оозеки, көркөм, илимий-таанып билүү), ар кандай түрдөгү (туташ жана туташ эмес тексттер) жана ар кандай жанрдагы (табышмактар, макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, аңгемелер, ырлар ж.б.) кыска тексттерди окуу аркылуу өнүгөт.

**3 - мазмундук тилке (линия). Тилдик системанын элементтери**

"Тилдик системанын элементтери” мазмундук тилкеси кыргыз тилинин тил системасынын элементтери менен тааныштырат жана тил илиминин фонетика, лексика жана грамматика сыяктуу бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүн камтыйт. Мазмундук тилке окуучулардын социалдык-турмуштук, социалдык-маданий жана окуу-эмгек байланыш чөйрөсүндө өз ара аракеттенүү үчүн тилди колдонуунун алгачкы көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

**4 - мазмундук тилке (линия). Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери**

“Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери” мазмундук тилкеси окуучулардын баарлашуунун жана социалдык-турмуштук, социалдык-маданий жана окуу-эмгек чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнүн этикеттик ченемдерин өздөштүрүүсүнө; өзүнүн жана башка элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн түшүнө билүүгө жана кабыл алууга; окуучуларды балдар фольклорунун айрым чыгармалары, өзөк сөздөр, идеялар, Кыргызстан элдеринин маданиятынан жомоктордун каармандары, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн белгилүү маданий кооз жерлери менен тааныштырууга; адам укуктарына, теңдикке, басмырлабоого, инклюзияга жана социалдык жоопкерчиликке ылайык өз өлкөсүнүн баалуулуктарын жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды аңдап билүүгө багытталган.

Окуу процессинде бул көрсөтүлгөн мазмундук тилкелер (линиялар) өз ара байланышкан жана айкалышкан. Ар бир темада окуучулар тийиштүү билимдерди алышат жана керектүү компетенттүүлүктөргө, көндүмдөргө ээ болушат, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн жакшыртышат, башка тилдик маданий аралык баарлашуунун шарттарында түрдүү коммуникативдик компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүшөт.

Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык берилиши бул окуу материалынын окуучулардын көбүнчө кайталанган турмуштук маанилүү чөйрөлөрдө жана баарлашуу кырдаалдарында колдонуу өзгөчөлүгүн чагылдырат жана окутуу процессин баарлашуунун реалдуу шарттарына мүмкүн болушунча жакындаштырат.

Ар бир тематикалык модулга болжолдуу түрдө 10 саат бөлүнөт. Өтүлгөн материалдарды кайталоого жана текшерүүгө 2 саат берилет.

**Окуу материалынын кырдаалдык-тематикалык берилиши**

**5-таблица.**

| **1 – 4- класстар** | **5 – 9- класстар** |
|---|---|
| 1. Үй-бүлө<br>2. Мектеп<br>3. Кызыгуулар<br>4. Жыл мезгилдери<br>5. Керектүү буюмдар<br>6. Жаратылыш, адам, сергек жашоо<br>7. Менин өлкөм | 1. Мен, менин үй-бүлөм, менин дүйнөм<br>2. Эс алуу. Саякат<br>3. Кесип<br>4. Кыргызстан<br>5. Ден соолук. Спорт<br>6. Соода-сатык<br>7. Кызыгуулар |

**Класстар боюнча кырдаалдык-тематикалык материалдарды бөлүштүрүү**

**6-таблица.**

| **Темалар** | **1-класс** | **2-класс** | **3-класс** | **4-класс** |
|---|---|---|---|---|
| **Үй-бүлө**. Биздин үйүбүз. Адамдын келбети | Үй-бүлө. Ким? Эмне? Менин апам, атам, досум. Ата-энелерди майрамдар менен куттуктоо. Үй. Менин үйүм. Менин бөлмөм. Үйдө эмне бар? Үй жаныбарлары. Үй канаттуулары. Менин сүйүктүү жаныбарым. Дене мүчөлөрү. Биз жана эмгек. | Үй-бүлө. Ата-энем. Чоң ата, чоң эне, таята, таене. Алардын кесиби. Телефондо сүйлөшүү. Досумдун аты-жөнү. Чыпалак бала жөнүндө жомок. Биздин үйүбүз. Менин бөлмөм. Боз үй. Үй жаныбарлары. Үй канаттуулары. Жылкы. Төө. Адамдын келбети. Ак жуумал. Кара тору. Чыпалак – кичинекей бөбөк. Эр Төштүк. | Үй-бүлө – менин кичинекей мекеним. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери. Менин милдетим. Үй-бүлө майрамдары. Адамдын келбети. Мүнөзү. Менин апам. Биздин үй. Кыргыз бөлмөсү. Үй канаттуулары. Айылда. Үй жаныбарлары. Зоопаркта. Жаныбарлардын балдары. | Үй-бүлө. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн кесиби, аткарган кызматы. Адамдын келбети, мүнөзү. Кимдин эмнеси жагат? Эмне үчүн? Биздин үй. |
| **Мектеп.** Менин иш күнүм | Саламдашуу, коштошуу. Таанышуу. Мектеп. Окуу куралдары. Класста. Сандар. Биздин мектеп. Биздин класс. 10-100 чейинки сандар. Ким эмне кылып жатат? Канчанчы? Убакыт. Менин күн тартибим. Кичинекей жардамчы. | Мектеп. Мектепте. Саламдашуу. Китеп. Кыргыз тили сабагында. Биздин класс. Мугалимдер күнү. Убакыт. Саат канча? Саат канчада? Мектепке эрте барамын. Менин иш күнүм. Оку, иште, эринбе ... Чыпалак баланын иш күнү. Чыпалак бала футбол ойнойт. Менин бош убактым. | Мектеп. Биздин мектеп. Мектебим. Класс. Окуу куралдары. Биздин класс. Китеп эмнеге үйрөтөт? Менин классташым. Менин досум. Мектеп бакчасы. Ынтымактуу класс. Достук фестивалы. Мектеп китепканасы. Менин күн тартибим. Убакыт.<br>Саат. Апта күндөрү.<br>Ден соолук. Спорт жана биз. Окуучунун бир күнү. | Менин жайкы каникулум. Менин мугалимим. Менин мектебим. Мектеп – билим булагы. Менин окуу күнүм. Сабактардын жүгүртмөсү. Сабакта эмнелерди аткарабыз? Мага кайсы сабак жагат? Эмне үчүн? |
| **Кызыгуулар**. Оюнчуктар. Китептер. Кесип | Оюнчуктар. Кыргыз элинин улуттук оюндары. Дүкөндө. Китеп. Китепканада. Китеп эмнеге үйрөтөт? | Оюнчуктар. Кимдин куурчагы. Түстөр. | Ар бир кесип ардактуу. Байкемдин жумушу. Апамдын кесиби. Кыргыз элинин улуттук оюндары. Кунан чабыш. | Кан таламай. Түрдүү оюндар. Ар бир кесип ардактуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Жыл мезгилдери** | Жыл мезгилдеринин аталыштары. Күз мезгили. Кыш мезгили. Жаңы жыл. Жаз мезгили. Нооруз. Жай мезгили. Түстөр. Жайкы каникул. | Аба-ырайы. Күн тийип турат. Жаан жаап турат. Жыл мезгилдери. Тегеренген төрт мезгил. Күз мезгили. Кыш мезгили. Жаңы жыл. Жаз мезгили. Нооруз. Жай мезгили. | Күз мезгили. Кыш мезгили. Кыштын бир күнү. Жаңы жыл. Жаз мезгили. Жазында. Жаз майрамы. Нооруз майрамы. Жазгы каникулда. Эс алуу күнү. Жай мезгили. Жайкы эс алуу. | Күз мезгили, күзгү токой. Кышка даярдык. Кыш мезгили. Кышкы эмгек. Кышкы оюндар. Жаңы жыл. Жаз. Май айы. Эс алуу. Жыл мезгилдери. Кайсы жыл мезгилин жакшы көрөм. Эмне үчүн? |
| **Керектүү буюмдар.** Кийим-кечектер. Идиш-аяктар | Кийим-кечелер. Баш кийим. Тыш кийим. Идиш-аяк. Тамак-аштар. Нанды баалайлы. Дүкөндө. | Кийим-keче. Баш кийим. Бут кийим. Улуттук баш кийимдер. Идиш-аяктар. Улуттук идиш-аяктар. Тамак-аш азыктары. Улуттук тамак-аштар. Кымыз. | Кийим-кече. Кийим-кече дүкөнүндө. Кийим-кече. Тазалык. Менин кошунам. Кыргыз элинин улуттук кийимдери. Улуттук баш кийимдер. Тамак-аштар. Азык-түлүк. Биздин ашкана. Азык-түлүк дүкөнүндө. Кичинекей ашпозчу. Ашанада. Кафеде. Кымыз. Улуттук тамак-аштар. | Кийим-кече, улуттук кийимдер, кийим-кече дүкөнүндө, баш кийим, сырт кийим, бут кийим. Азык-түлүк дүкөнүндө. |
| **Жаратылыш. Адам, сергек жашоо** | Жапайы жаныбарлар. Жашылчалар. Жемиштер. | Жаратылыш. Жапайы айбанаттар. Жапайы куштар. Чабалекей. Жер-жемиштер. Кара мончок карагат. Жемиш багы. Жемиш дарагы. Жашылчалар. Бакча. Эгин. Эгин – байлык. | Жашылча- жемиштер. Биздин бакча. Түшүм майрамы. Жашылча-жемиш дүкөнүндө. Жаратылышка саякат. | Жаныбарларга камкордук. Таза абада дем алуу. Күзгү токой. Экология. Тоолор. Суулар. Көлдөр. Талаалар. |
| **Менин өлкөм.** Мекеним - Кыргызстан | Ата мекеним. Менин шаарым. Менин айылым. Менин дарегим. Ысык-Көл. | Мекеним. Кичи мекен. Айылым. Кичирайон. Биздин Кыргызстан. Кыргызстандын борбору. Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети. Ала-Тоо. Манас – кыргыз элинин баатыры. | Ата мекеним – Кыргызстан. Бишкек шаары. Кыргызстандын кооз жерлери. Кыргыздын белгилүү адамдары: Бүбүсара Бейшеналиевна. Токтогул Сатылганов. Музейде. Циркте. Театрда. Паркта. Шаардагы саякат. Белгилүү даталар. | Айылдагы эмгек. Шаардагы эмгек. Окуу – эмгек. Эмгек каармандары. Эмгек жөнүндө макалдар. Тургунбай Садыков. Анын эмгектери. Скульптуралар. Меймандостук. Нан |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Жеңиш майрамы. Кыргыз элинин музыкалык аспаптары. Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү. | кантип келет? Боорсок кантип жасалат? Мектептин ашканасы. |

**Окуу материалдардын класстар жана мазмундук тилкелер (линиялары) боюнча бөлүштүрүлүшү**

**7-таблица.**

| **Мазмундук линиялары/ тилкелери** | **Аспек-тилери** | **1-класс** | **2-класс** | **3-класс** | **4-класс** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Оозеки жана жазуу кеби** | **Сүйлөө** | Кебинде жакшы үйрөнгөн жөнөкөй сөздөрдү колдонуу.<br>Суроолор жана жооптор | Тааныш темалар боюнча жөнөкөй суроолорду жана жоопторду кое билүү | Элементардык диалогдорду, жөнөкөй сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү колдонуу жана алар билген тааныш адамдар, жашаган жери жөнүндө чакан билдирүүлөр | Жөнөкөй кадимки кырдаалдарда тааныш темалардын алкагында маалымат алмашуу.<br>Жөнөкөй сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү колдонуу жана өзү, үй-бүлөсү, окуусу, күнүмдүк жашоосу жөнүндө чакан билдирүүлөр |
| | **Угуу** | Үн чыгара айтылган тамгаларды жана тыбыштарды айырмалай билүү, муундарды ажырата алуу, айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүнө билүү | Элементардык, өтө жай, так, чоң пауза менен айтылган кепти түшүнө билүү | Биринчилик мааниге ээ так, ачык, жай айтылган сөздөрдүн, айтуулардын маанисин түшүнө билүү | Так, ачык жана жай айтылган сөздөрдү жана айтууларды, кыскача аңгемелерди түшүнө билүү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Жазуу** | Жазуу техникасын, негизги жазуу көндүмдөрүн, тамгаларды туура жазуу, көчүрүп жазуунун ар кандай түрлөрүн колдоно билүү (1-класстын орфографиялык минимумуна ылайык) | 2-класстын тематикасынын чегинде жөнөкөй, бири-бири менен байланышпаган сүйлөмдөрдү жаза алуу. Кошумча материалдарга таянуу менен кат жазуу (өтүнүү, кечирим суроо). Кыргыз графикасынын жана орфографиясынын эң жөнөкөй эрежелерин колдонуу (2-класстын орфографиялык минимумуна ылайык) | "Жана", "бирок", "анткени"сыяктуу жөнөкөй байламталарды колдонуу менен жөнөкөй сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү жазуу; 3-класстын тематикасынын алкагындагы суроолорго жазуу түрүндөгү жооптор. Жөнөкөй открыткаларды толтуруу жана жазуу (мисалы, майрамдары менен куттуктоо. Кыргыз графикасынын жана орфографиясынын эң жөнөкөй эрежелерин колдонуу (3-класстын орфографиялык минимумуна ылайык) | 4-класстын тематикасынын чегинде ойлорун жазуу түрүндө билдирүү, суроолорго жазуу жүзүндө жооп берүү, жеке мүнөздөгү кат жазуу (мисалы, кимдир-бирөөгө ыраазычылык билдирүү), жат жазуу, мини-эссе жаза алуу; Кыргыз графикасынын жана орфографиясынын эң жөнөкөй эрежелерин колдонуу (4-класстын орфографиялык минимумуна ылайык) |
| **2. Окуу жана түшүнүү** | **Окуу** | Тааныш сөздөрдү, жөнөкөй фразаларды, кыска диалогдорду окуу жана түшүнө билүү. | Тааныш сөздөрдү камтыган эң кыска, жөнөкөй тексттерди (туташ, туташ эмес) окуу жана түшүнө билүү. | Эң көп колдонулган лексиканы камтыган кыска, жөнөкөй тексттерди (туташ, туташ эмес) окуу жана түшүнө билүү. | Күнүмдүк баарлашуудагы жөнөкөй тексттерден конкреттүү маалыматтарды издөө, кыска, жөнөкөй тексттерди (туташ, туташ эмес) окуу жана түшүнө билүү. |
| **3. Тилдик системанын элементтери** | **Фонетика** | 1-класстын фонетикалык минимумуна ылайык негизги сөз айкаштарын, сөздөрдү жана туура айтуусун коюу жана аларды айырмалай алуу көндүмдөрүн калыптандыруу | 2-класстын фонетикалык минимумуна ылайык негизги тыбыштык айкалыштарды туура айтуусун коюу жана сөздөрдү айырмалай алуу көндүмдөрүн калыптандыруу | 3-класстын фонетикалык минимумуна ылайык тыбыштарды туура айтуусун коюу жана сөздөрдү, негизги тыбыштык айкалыштарды айырмалай алуу көндүмдөрүн калыптандыруу | 4-класстын фонетикалык минимумуна ылайык тыбыштарды туура айтуусун коюу жана сөздөрдү, негизги тыбыштык айкалыштарды айырмалай алуу көндүмдөрүн калыптандыруу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Лексика** | Башталгыч мектептин 1-классынын тематикасынын чегинде кырдаалдык баарлашууда кызмат кылуучу лексикалык бирдиктер (1-класстын лексикалык минимумуна ылайык 200-250 сөз). Конкреттүү кептик темаларда айрым бир эң жөнөкөй сөздөрдү жана сөз айкаштарын кебинде колдонуу | Башталгыч мектептин 2-классынын тематикасынын чегинде кырдаалдык баарлашууда кызмат кылуучу лексикалык бирдиктер (2-класстын лексикалык минимумуна ылайык 250-300 сөз). Күнүмдүк баарлашууда: мектепте, көчөдө, ашканада ж.б. тааныш кырдаалдардагы, кызматташуудагы зарыл болгон баарлашууга катышуу үчүн сөздүк корун калыптандыруу | Башталгыч мектептин 3-классынын тематикасынын чегинде кырдаалдык баарлашууда кызмат кылуучу лексикалык бирдиктер (3-класстын лексикалык минимумуна ылайык 300-350 сөз жана кырдаалдык-тематикалык бөлүштүрүү). Достук маанай формасында: билүү, сурануу, кеңеш берүү ж.б. негизги коммуникативдик талаптарды канааттандыруу үчүн зарыл болгон сөздүк корун калыптандыруу: | Башталгыч мектептин 4-классынын тематикасынын чегинде кырдаалдык баарлашууда кызмат кылуучу лексикалык бирдиктер (4-класстын лексикалык минимумуна ылайык 350-400 сөз жана кырдаалдык-тематикалык бөлүштүрүү). Күнүмдүк темадагы кызматташуу тилинде үй-бүлө, достор, мектеп, үй, эс алуу, окуялар ж.б.у.с. айта алууга зарыл болгон сөздүк корун калыптандыруу |
| | **Грамматика** | Кепте тааныш жөнөкөй типтүү конструкцияларды жана сүйлөмдөрдүн моделдеринин чектелген санын колдонуу (1-класстын грамматикалык минимумуна ылайык) | Кепте тааныш жөнөкөй грамматикалык конструкцияларды колдонуу (2-класстын грамматикалык минимумуна ылайык) | Көнүмүш баарлашуу учурунда тааныш грамматикалык конструкцияларды колдонуу (3-класстын грамматикалык минимумуна ылайык) | Кеңири таралган кырдаалдарда тааныш грамматикалык конструкцияларды колдонуу (4-класстын грамматикалык минимумуна ылайык) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **4. Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери** | **Этикет ченемдери** | "Мектепте", "Класста" ар кандай кырдаалдарда айрым социалдык-маданий жүрүм-турум этикетинин кептик элементтери.<br>Аты, атасынын аты, фамилиясы; кыргыз, орус тилдериндеги типологиялык жактан жакын жомоктор.<br>Мамстандарт тарабынан аныкталган баалуулуктарды калыптандыруучу жөнөкөй туруктуу сөз айкаштары | Балдар фольклорунун айрым чыгармалары (Ырлар, обондуу ырлар, саноолор).<br>2-класстын материалынын чегинде үйрөнүп жаткан тилдин жана эне тилдин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Улуттук оюндар жана оюнчуктар, сувенирлер.<br>Кыргызстан элдеринин маданиятынан алынган жомок каармандары, түйүндүү сөздөр.<br>Дасторкон четиндеги кыргыз кептик этикети.<br>Улуттук жана башка элдердин тамак-аштары.<br>Мамстандарт тарабынан аныкталган баалуулуктарды калыптандыруучу жөнөкөй туруктуу сөз айкаштары | 3-класстын тематикасынын чегинде тилин үйрөнүп жаткан өлкөнүн маданияты жана эне тилдин маданиятынын өзгөчөлүктөрү<br>Тил үйрөнүп жаткан жана өз өлкөсүндөгү атактуу адамдардын фамилиялары, аттары.<br>Ар кайсы элдердин үй жаныбарлары;<br>Тил үйрөнүп жаткан өлкөнүн жана өз өлкөсүнүн белгилүү маданий жана кооз жайлары.<br>Мамстандарт тарабынан аныкталган баалуулуктарды калыптандыруучу жөнөкөй туруктуу сөз айкаштары | Өз улутунун жана башка элдердин жашоо-тиричилигинин жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрү, каада-салттары, үрп-адаттары, ырым-жырымдары, улуттук майрамдары, өлкөсү, географиялык абалы, табигый шарттары, кооз жайлары ж. б.<br>Адамдар ортосундагы, маданий байланыштар процесси жөнүндө жөнөкөй маалымат.<br>Өлкөнүн баалуулуктары, жалпы адамзаттык баалуулуктар.<br>Мамстандарт тарабынан аныкталган баалуулуктарды калыптандыруучу жөнөкөй туруктуу сөз айкаштары |

## 2.6. Предмет аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар

Сабактын элементи катары предмет аралык байланыштарды мугалимдер башка предметтерден алынган билимди пайдалануу талап кылына турган тийиштүү таанымдык милдет аткарылууга тийиш болгон иштин ар кайсы баскычында колдонсо болот.

**Предмет аралык байланыш**

**8-таблица.**

| Кыргыз тили | Кыргыз тили жана адабий окуу | Математика | Мен жана дүйнө | Көркөм өнөр | Музыка |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили сабактарында окуучулардын оозеки маалыматты кабыл алуу жана түшүнүү, аны ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда колдонуу, диалогдук жана монологдук формада башка адамдар менен оозеки баарлашуу жөндөмдөрү окуу, окугандарды түшүнүү жана чечмелөө, жазуу жүзүндө башка адамдар менен өз ара аракеттенүү ж.б. калыптанат; | Предмет аралык байланыштын негизги булагы текст жана экинчи тилди өздөштүрүү куралы катары тексттин үстүнөн иштөө болушу мүмкүн. Ар бир теманын алкагында чакан чыгармаларды, жомокторду, ырларды окуу болжолдонот. Көркөм чыгармалар аркылуу окуучулар курчап турган чөйрөнүн ар кандай кубулуштары менен таанышышат. Эне тилин жакшы билүү экинчи тилди ийгиликтүү өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт | Кыргыз тили сабактарында туура окуу жана туура жазуу керек болгон математикалык маселелер түрүндөгү көнүгүүлөр колдонулат; кыргыз тилинин грамматикасынын жана орфографиясынын алкагында математика боюнча тапшырмаларда пайда болгон сандарды жана сандык-зат атоочтук сөз айкаштары каралган (Сан + зат атооч), сандар жана сандар эсептөөдө гана эмес, даталарды жазууда, убакытты белгилөөдө, тарыхый окуяларды ж. б. | Кыргыз маданиятын, тарыхын, мекен таануу илимин окутуу экинчи тилди окутуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.<br>"Мекен" Жердин тарыхын билүүдөн башталат: адам жашаган айыл же шаар. Окуучуларга "Мекен" темасында ар кандай материалдарда Кыргызстан жана үйрөнүп жаткан тилдин өлкөсү, алардын өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү тууралуу негизги географиялык маалыматтар берилет.<br>Окуучуларда социалдык, гендердик теңчиликке жана басмырлабоого берилгендик калыптанат. | Көркөм өнөр сабактарында чыгармачылык иштерди аткаруу менен (мисалы, окуу чыгармачылык иши түрүндө маалыматтык объектти түзүү жана иштеп чыгуу (үй-бүлө мүчөлөрүн, өз үйүн, бөлмөсүн, мектебин тартуу, ушул топтолгон материалдан "Менин дүйнөм", "Бул мен" ж. б., ландшафттык эскиздер) окуучулар ар кандай көркөм таасирлерге ээ болушат, жаратылыштын өзгөчөлүктөрүн жылдын ар кайсы мезгилинде белгилешет ж. б. | Балдар уккан заманбап популярдуу музыка окуучулардын жаш курагын эске алуу менен тандалат. Авторлор жана чыгарманын жаралышы жөнүндө маалымат менен таанышуу.<br>Кептик үлгүлөрдү колдонуп, музыкалык чыгарманын текстинин мазмуну менен иштешет. |

## 3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук линиялар боюнча)

Билим берүүнүн жыйынтыктары мазмундук линиялар боюнча түзүлдү жана биригип келип предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырат. Башталгыч мектептин бүтүрүүчүсү бул билим берүү натыйжаларына орто жалпы мектепте окуусун уланткыдай деңгээлде жетишкендигин көрсөтүшү керек. Ар бир класстагы натыйжаларга жетишүү деңгээли индикаторлордун негизинде аныкталат.

Төмөндөгү таблица 1-4-класстарда окуп-үйрөнө турган материалдардын жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу милдетин эске алуу менен башталгыч класстардагы билим натыйжаларынын тизмесин камтыйт.

**Окутуунун күтүлүүчү жыйынтыктары (мазмундук линиялар жана класстар боюнча)**

**9-таблица**

| Предметтик компетенттүүлүк-төр / Мазмундук тилкелер (линиялар) | ПК 1. Кептик | ПК 2. Тилдик | ПК 3. Социомаданий |
|---|---|---|---|
| **МЛ 1. Оозеки жана жазуу кеби** | 1.1.1. Чоң эмес монолог жана диалог түрүндө ойду айта алат, жаза алат.<br>1.1.2. Белгилүү темалардын алкагында жөнөкөй кыска тексттерди түзөт. | 2.1.6. Кебинде сүйлөө эрежелерин сактайт.<br>2.1.7. Окуп-үйрөнгөн грамматикалык конструкцияларды кебинде колдонот. | 3.1.11. Баарлашуу учурундагы сүйлөө адебинин нормаларын билет жана сактайт.<br>3.1.12. Жазуу иштерин тариздөө маданиятын жана орфография менен пунктуациянын жөнөкөй эрежелерин сактайт. |
| **МЛ 2. Окуу жана түшүнүү** | 1.2.3. Логикалык ырааттуу, грамматикалык жактан туура чакан тексттерди окуп түшүнөт. | 2.2.8. Окууда сүйлөмдөрдү туура ыргак менен окуйт. | 3.2.13. Кыргызстан элдеринин маданиятындагы айрым чыгармалардын сюжетин билет жана салыштырат. |
| **МЛ 3. Тилдик система - нын элемент - тери** | 1.3.4. Окуп-үйрөнгөн грамматикалык категорияларды (түшүнүктөрдү) кебинде колдонот. | 2.3.9. 1–4-класстарда окуган лексикалык бирдиктерди билет, түшүнөт жана кебинде колдонот. | 3.3.14. Окуп-үйрөнгөн сөз айкаштарын, сүйлөмдөрүн кепте колдонот. |
| **МЛ 4. Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери** | 1.4.5. Кыргыз элинин жана башка элдердин маданияты, гендердик теңчилик, социалдык инклюзия жана басмырлабоо принциптери жөнүндө алынган маалыматтарды маданияттар аралык баарлашууда колдонот. | 2.4.10. Кыргыз элинин жана башка элдин маданиятынан алынган макал-лакаптарды, сөз берметтерин билет, түшүнөт жана баарлашууда колдонот. | 3.4.15. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, маданий баалуулуктарын оозеки жана жазуу жүзүндө баалайт. |

**Класстар боюнча билим берүү натыйжалары жана көрсөткүчтөр**

**Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүктөр: 1-кептик; 2-тилдик; 3-социомаданий.

**Экинчи сан –** мазмундук линиялар: 1– Оозеки жана жазуу кеби;
2 – Окуу жана түшүнүү
3 – Тилдик системанын элементтери
4 – Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери.

**Үчүнчү сан –** билим берүү натыйжаларынын номуру.

Ар бир кийинки класстын көрсөткүчтөрүнүн тизмеси мурунку класстардын көрсөткүчтөрүн камтыйт жана горизонталдык жана вертикалдык прогрессияны көрсөтөт. Көрсөткүчтүн биринчи саны классты көрсөтөт. Экинчи сан – көрсөткүчтүн номери.

**Класстар боюнча билим берүү натыйжалары жана көрсөткүчтөр**

**10-таблица**

| 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|
| **1.3.1. Чоң эмес монолог жана диалог түрүндө ойду айта алат, жаза алат.** | | | |
| 1.1. Күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарында диалогдорго катышат, эгерде маектешүүчү өз сөзүн жай ыргакта кайталаса же өзгөртүп айтса, диалог сөздүн көлөмү эки тараптан тең 2 - 4 сүйлөмгө жетет. | 2.1. Күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарында диалогдорго катышат, диалог сөздүн көлөмү эки тараптан тең 4 - 6 сүйлөмгө жетет. | 3.1. Күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарында диалогдорго катышат. Берилген кырдаалда үлгү боюнча диалог алып барат, диалог сөздүн көлөмү эки тараптан тең 6 – 8 сүйлөмгө жетет. | 4.1. Күнүмдүк баарлашуу кырдаалдарында диалогдорго катышат. Берилген кырдаалда үлгү боюнча диалог алып барат, диалог сөздүн көлөмү эки тараптан тең 10 сүйлөмгө чейин жетет. |
| 1.2. Өзү жана үй-бүлөсү жөнүндө жардамчы материалдарга таянып (скаффолдинг) айтып берет. Диалогдордо кеп адебинин эң жөнөкөй | 2.2. Теңтуштары менен диалог түзөт. Диалог жана монологдордо саламдашуу, куттуктоо, кечирим суроо, ыраазычылык билдирүү ж.б. кептик интенцияларда эң | 3.2. Чакан аңгемелерди айтып берет; диалогго катышат. Берилген суроолорго жооп берет. Өз кебин керектүү жаңсоолор жана мимикалар менен коштойт. | 4.2. Кеп адебинин формулаларын типтүү баарлашуу кырдаалдарында орундуу колдонот. Башкалар менен жөнөкөй комментарийлерди алмашат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| формулаларын колдонот. | жөнөкөй кеп адебин колдонот. | | Байкап жаткан объект, сүрөт, пейзаж, окуя жөнүндө текст түзөт. |
| 1.3. Сүйлөөчүнүн кебине өз мамилесин билдирет; байкап жаткан объектилер жана окуялар жөнүндө, ошондой эле сүрөттөрдөн жана иллюстрациялардан көргөндөрү жөнүндө айтып берет. | 2.3. Диалогдордо кырдаалдарга ылайык кеп адебин, ошондой эле айрым бир жаңсоолорду жана мимиканы колдонот. | 3.3. Айтылган ойду ырастоо үчүн фактыларды жана аргументтерди колдонот; өз кебин тиешелүү тон, интонация, ыргак, жаңсоо жана мимика менен коштойт. | 4.3. Көргөндөрү, уккандары жана окугандары боюнча чакан презентацияларды жасайт, диалог учурунда кеби жандуу, образдуу болуш үчүн мимиканы, жаңсоолорду туура колдонот. |
| **1.1.2. Белгилүү темалардын алкагында жөнөкөй кыска тексттерди түзөт.** | | | |
| 1.1. Жардамчы материалдарга таянып (скаффолдинг), чакан жана мазмуну жөнөкөй кепке чыгат. | 2.1. Жардамчы материалдарга таянып (скаффолдинг), чакан жана мазмуну жөнөкөй кепке чыгат. | 3.1. Жардамчы материалдарга таянып (скаффолдинг), байкап жаткан предмет, картина, пейзаж, окуя жөнүндө текст түзөт; мектептеги иш-чараларда өз алдынча чыгып катышат. | 4.1. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт. |
| 1.2. Баарлашуунун жүрүшүндө тилдик бирдиктерди жана кептин түрдүү формаларын орундуу колдонот. | 2.2. Баарлашуунун жүрүшүндө тилдик бирдиктерди жана кептин түрдүү формаларын орундуу колдонот, үлгү боюнча жөнөкөй тексттерди түзөт. | 3.2. Баарлашуунун жүрүшүндө тилдик бирдиктерди жана кептин түрдүү формаларын орундуу колдонот, үлгү боюнча жөнөкөй тексттерди өз алдынча түзөт. | 4.2. Өз элинин адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктары, улуттук үрп-адаттары жана каада-салттары, тарыхы, маданияты жана искусствосу жөнүндө алган билимдерин жөнөкөй тил менен билдирет. |
| **1.2.3. Логикалык ырааттуу, грамматикалык жактан туура түзүлгөн чакан тексттерди окуп түшүнөт.** | | | |
| 1.1. Чакан тексттерди көркөм окуйт. | 2.1. Оозеки кепке ээ экендигин көрсөтөт; Окуган текстине өз | 3.1. Окуган тексттин мазмунуна мамилесин билдирет. | 4.1. Тааныш сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт. Тексттеги негизги ойго |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мамилесин билдирет. | | мамилесин билдирет. |
| 1.2. Окуган чыгармадагы предметтерди жана окуяларды атайт. Окуган текстти жөнөкөй деңгээлде түшүнгөнүн көрсөтөт. | 2.2. Текстти туура, бат жана сөздөрдүн айтылыш эрежелерине ылайык окуйт. | 3.2. Текстти туура, бат жана сөздөрдүн айтылыш эрежелерине ылайык окуйт, чоң эмес көркөм текстти жанры боюнча айырмалайт. | 4.2. Окуган чыгармасына карата мамилеси боюнча өз көз карашын негиздейт. |
| 1.3. Кыска аңгемелерди туура окуйт, айтып берет. | 2.3. Окуган тексти боюнча өз оюн айтат жана негиздейт. Тексттин негизинде сүрөт тартат же иллюстрация тандайт, маалыматты графикалык түрдө берет. | 3.3. Текстти негизги бөлүктөргө бөлөт. Окуганы боюнча текстти айтып берет. | 4.3. Окуган аңгемеси боюнча жөнөкөй талдоо жүргүзө алат |
| **1.3.4. Окуп-үйрөнгөн грамматикалык түшүнүктөрдү кебинде колдонот.** | | | |
| 1.1. Суроолуу сөздөрдү (ким? эмне? кандай? канча? деген суроого жооп берген сөздөрдү) билет жана кебинде колдонот. Зат атоочтун жекелик жана көптүк санын билет, колдонот. | 2.1. Зат атоочтун (ат атоочтун) жекелик жана көптүк санын билет, колдонот. Жекелик сандагы сөздөрдү көптүк санга жана тескерисинче көптүк сандагы сөздөрдү жекелик сандагы сөздөргө айландырат. | 3.1. Зат атооч, ат атоочторду учур чактагы этиштер менен ээрчиштирип колдонот. Сүйлөө кебинде зат атоочторду синоним жана антонимдери менен кошо колдонот. | 4.1. 5.1. Көптүк сандагы зат атоочторду сын атооч менен ыкташтырат. Жардамчы сөздөрдү маанисине карата колдоно алат. |
| 1.2. Предметти, белгини, кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү билет жана айырмалайт | 2.2. Предметти, белгини, кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү топтоштурат. | 3.2. Сөздөрдү грамматикалык белгилери боюнча (зат атооч, сын атооч, сан атооч, этиш) топтоштурат. | 4.2. Сөздөрдүн сүйлөмдөгү грамматикалык маанисин (байламталар жана жандоочтор) айырмалайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3. 1-класста окуп-үйрөнгөн жандоочторду билет жана аларды сөздөргө кошуп кебинде колдонот. | 2.3. 2-класста окуп-үйрөнгөн жандоочторду билет жана аларды сөздөргө кошуп кебинде колдонот. | 3.3. 3-класста окуп-үйрөнгөн жандоочторду билет жана аларды сөздөргө кошуп кебинде колдонот. | 4.3. Жандоочторду колдонууда алардын маанисин эске алып колдонот. |
| 1.4. “Сөздүн мүчөсү” деген терминди билет. Сөздүн мүчөсүн табат. | 2.4. “Сөздүн мүчөсү” деген терминди билет. Сөздүн мүчөсүн табат. Окуп-үйрөнгөн жөндөмөлөргө ылайык мүчөлөрдү өзгөртөт. | 3.4. “Сөздүн уңгусу, мүчөсү” деген терминдерди билет. Сөздүн уңгусун табат. Ага уялаш, уңгулаш сөздөрдү табат. Уңгу түрүндөгү сөздөрдү айырмалайт. | 4.4. “Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү”, “сүйлөмдүн баш мүчөлөрү”, “ээ”, “баяндооч”, “сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү” деген терминдерди билет. |
| | 2.5. Учур чактагы этиштерди зат атоочтор (ат атоочтор) менен 1,2,3-жактарда, ошондой эле жекелек, көптүк сандарда ээрчиштирет. | 3.5. Этиштин өткөн, келер жана учур чактарын сүйлөө кебинде синоним жана антонимдери менен кошо колдонот. | 4.5. Жөнөкөй жана тутумдаш этиштерди кебинде туура колдонот, айырмалайт. |
| **1.4.5. Кыргыз элинин жана башка элдердин маданияты, гендердик теңчилик, социалдык инклюзия жана басмырлабоо принциптери жөнүндө алынган маалыматтарды маданияттар аралык баарлашуу процессинде колдонот.** | | | |
| 1.1. 1-класстын материалынын чегинде кептик жүрүм-турум адебинин айрым социомаданий элементтерин билет жана колдоно алат. | 2.1. 2-класстын материалынын чегинде эне тилинин жана окуп-үйрөнүп жаткан тилинин өзгөчөлүктөрүн салыштырат. | 3.1. 3-класстын материалынын чегинде өз маданиятынын жана кыргыз маданиятынын өзгөчөлүктөрүн салыштырат. | 4.1. 4-класстын материалынын чегинде өз маданиятынын жана кыргыз маданиятынын өзгөчөлүктөрүн салыштырат. |
| 1.2. Балдар фольклорунун айрым чыгармаларын, санак ырларын билет жана | 2.2. Балдар фольклорунун айрым чыгармаларын, санак ырларын билет жана аткарат. | 3.2. Кыргызстандын белгилүү адамдарынын аты-жөнүн билет, алар тууралуу кыскача айтып берет. | 4.2. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук |

| | | | |
|---|---|---|---|
| аткарат. | | | өзгөчөлүктөрүн, каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын, улуттук майрамдарын, географиялык абалы, жаратылыш шарттары, кооз жерлери ж.б. билет, айтып берет. |
| 1.3. Кыргызча адам аттарын билет; кыргыз элинин жомокторун жана ага жакын башка тилдеги жомокторду билет. | 2.3. Улуттук оюндарды, оюнчуктарды, сувенирлерди билет; Кыргыз элинин маданиятынан алынган жомоктордун идеясы, каармандары, негизги сөздөрү менен тааныш; меймандостук, конок сыйлоо адебин билет. | 3.3. Ар түрдүү элдердин үй жаныбарлары тууралуу билет; үй жаныбарларына карата айтылган сөздөрдү кыргызча билет, Кыргызстандагы маданий өзгөчө ажайып жерлерди билет, айтып берет. | 4.3. Инсандар аралык, маданияттар аралык баарлашуу процессинде тиешелүү маалыматтар менен иштейт. Кыргызстандын баалуулуктарын, жалпы адамзаттык баалуулуктарды билет. |
| **2.1.6. Кебинде сүйлөө эрежелерин сактайт.** | | | |
| 1.1. . Тамгаларды тааныйт. Тыбыштарды туура айтат.<br><br>1.1.Тыбыш менен тамганы айырмалайт. Кыргыз тилинин тыбыштарын жана негизги тыбыштык айкалыштарын айта алат жана укканда айырмалайт. | 2.1. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалайт. Сөздү муундарга бөлөт. Үндүү тыбыштан муун жасаларын билет. | 3.1. Тыбыш жана тамгалардагы күчтүү жана алсыз позициядагы фонемаларды аныктайт. | 4.1. Тыбыш менен тамганы дал келтирет. К (кы), Г (гы), Ж тыбыштарын туура айтат. Аларды К (ки), Г (ги), Ж (дж) тыбыштарынан айырмалайт. Ө, ү, ң тыбыштарын туура айтат. Бул тыбыштар катышкан сөздөрдү бул тыбыштардын айырмасын так билип айтат. |
| 1.2. Тыбыштарды угуп айырмалайт, аларды сөздө туура коюп айтат. | 2.2. Эне тилинде кездешпеген (кы), (гы), (дж), ө, ү, ң фонемаларды так айырмалайт, | 3.2. Кыргыз тилинде басым сөздүн акыркы муунуна жылдырылып колдонуларын билет, туура колдонот. | 4.2. Созулма үндүүлөрдү туура айтат. Созулма үндүү катышкан |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | алар катышкан сөздөрдү жана сөз айкаштарын туура колдонот. | | сөздөрдү туура айтат. |
| 1.3. Үндүүлөрдүн үндөшүүсүн, үнсүздөрдүн каткалаңдашып айтылышын туура айтат. | 2.3. Эне тилиндегиден айырмаланган шарттарда тыбыш жана тамгалардагы күчтүү позициядагы фонемаларды айырмалай алат. | 3.3. Эне тилиндегиден айырмаланган шарттарда тыбыш жана тамгалардагы күчтүү позициядагы фонемаларды аныктай алат. Сунушталган таяныч сөздөрдү колдонуу менен туура сүйлөйт. | 4.3. Эне тилинде кездешпеген тыбыштар катышкан сөздөрдү, сөз айкаштарын туура айтат. Сунушталган таяныч сөздөрдү колдонуу менен туура сүйлөйт. |
| 1.4. Сөзгө тыбыштык талдоо жүргүзөт. | 2.4. Сөздөгү тыбыш жана тамгаларга талдоо жүргүзөт. | 3.4. Сөзгө тыбыштык жана тыбыш-тамгалык талдоо жүргүзөт. | 4.4. Жөнөкөй фонетикалык талдоо жүргүзөт. |
| **2.1.7. Окуп-үйрөнгөн грамматикалык конструкцияларды кебинде колдонот.** | | | |
| 1.1. 1-класстын лексикалык жана морфологиялык мазмуну камтылган типтүү синтаксистик конструкцияларды билет жана кебинде колдонот. | 2.1. 2-класстын лексикалык жана морфологиялык мазмуну камтылган 1-2-класстарда үйрөнүлгөн типтүү синтаксистик конструкцияларды билет жана кебинде колдонот. | 3.1. 3-класстын лексикалык жана морфологиялык мазмуну камтылган 1-3-класстарда үйрөнүлгөн типтүү синтаксистик конструкцияларды билет жана кебинде колдонот. | 4.1. 4-класстын лексикалык жана морфологиялык мазмуну камтылган 1-4-класстарда үйрөнүлгөн типтүү синтаксистик конструкцияларды билет жана кебинде колдонот. |
| 1.2. 1-класс үчүн грамматикалык минимумга ылайык типтүү үлгүлөр боюнча өз сөзүн түзөт. | 2.2. 2-класс үчүн грамматикалык минимумга ылайык типтүү үлгүлөр боюнча өз сөзүн түзөт. | 3.2. 3-класс үчүн грамматикалык минимумга ылайык типтүү үлгүлөр боюнча өз сөзүн түзөт. | 4.2. 4-класс үчүн грамматикалык минимумга ылайык типтүү үлгүлөр боюнча өз сөзүн түзөт. |
| **2.2.8. Окууда сүйлөмдөрдү туура ыргак менен окуйт.** | | | |
| 1.1. Сөздөрдү туура жана | 2.1. Тексттерди туура, бат | 3.1. Тексттерди туура, бат жана | 4.1. Тексттерди туура, бат жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| так айтып, чакан тексттерди окуйт. | жана сөздөрдүн айтылыш эрежелерине ылайык окуйт. | сөздөрдүн айтылыш эрежелерине ылайык, үнүнүн ыргагын өзгөртүп окуйт. | сөздөрдүн айтылыш эрежелерине ылайык, үнүнүн ыргагын өзгөртүп окуйт. |
| 1.2. Тексттеги маанилүү сөздөрдү үнү менен баса белгилеп окуйт. | 2.2. Текстти окуп жатканда кыска, орто жана узак тынымдарды коюп окуйт. | 3.2. Текстти окуп жатканда үнүн өзгөртүп, жандуу, ар кандай ыргакта жана ритмде окуйт. | 4.2. Текстти окуп жатканда подтекстти аныктап окуйт. |
| **2.3.9. 1–4-класстарда окуган лексикалык бирдиктерди билет, түшүнөт жана кебинде колдонот.** | | | |
| 1.1. Лексикалык минимумга ылайык 1-класста окуп-үйрөнгөн сөздөрдү билет. | 2.1. Лексикалык минимумга ылайык 2-класста окуп-үйрөнгөн сөздөрдү билет. | 3.1. Лексикалык минимумга ылайык 3-класста окуп-үйрөнгөн сөздөрдү билет. | 4.1. Лексикалык минимумга ылайык 4-класста окуп-үйрөнгөн сөздөрдү билет. |
| 1.2. Эне тилинде жана экинчи тилде кездешкен жалпы сөздөрдү, Мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган баалуулук багыттарын калыптандырган эң жөнөкөй туруктуу сөз айкаштарын билет. | 2.2. Эне тилинде жана экинчи тилде кездешкен жалпы сөздөрдү, эң жөнөкөй туруктуу сөз айкаштарын билет, типтүү конструкцияларда колдонот. | 3.2. Эне тилинде жана экинчи тилде кездешкен жалпы сөздөрдү, эң жөнөкөй туруктуу сөз айкаштарын билет, кебинде колдонот. | 4.2. Эне тилинде жана экинчи тилде кездешкен жалпы сөздөрдү, эң жөнөкөй туруктуу сөз айкаштарын билет, сөздүктүн жардамы менен жана тилдик божомолдоого таянып (скаффолдинг) эне тилинен экинчи тилге жана тескерисинче которот. |
| 1.3. Алфавитти билет. Тамгаларды алфавиттик тартипте атайт. Сөздөрдү издөө үчүн тамгалардын алфавиттик тартибин колдонот. | 2.3. Жаңы сөздөрдүн маанисин, жазылышын жана айтылышын аныктоо үчүн сөздүктү колдонот. | 3.3. Жаңы сөздөрдүн маанисин, айтылышын жана жазылышын аныктоо үчүн сөздүктөрдү жана справочниктерди (маалымдамаларды) колдонот. | 4.3. Жаңы сөздөрдүн тексттеги маанисин, айтылышын жана жазылышын аныктоо үчүн сөздүктөрдү жана справочниктерди (маалымдамаларды) колдонот |
| | | | |

| 2.4.10. Кыргыз элинин жана башка элдин маданиятынан алынган макал-лакаптарды, сөз берметтерин билет, түшүнөт жана баарлашууда колдонот. | | | |
|---|---|---|---|
| 1.1. Кыска ырларды окуп түшүнөт. Чакан тексттерди жай окуйт. Тексттен кыскача үзүндүлөрдү айтып бере алат. Кыска ырларды жатка айтат. | 2.1. Чакан тексттерди көркөм окуйт. Ырларды, макалдарды, учкул сөздөрдү жатка айтат. Алардын маанисин түшүндүрөт. | 3.1. Өз элинин маданиятындагы жана башка элдердин маданиятындагы тексттерди, ырларды, макалдарды, учкул сөздөрдү окуйт жана жатка айтат. Өз сөзүндө аларды колдонот. | 4.1. Ар түрдүү адабий жанрдагы чыгармаларды туура, тез жана образдардын мүнөзүнө ылайык ыргак менен окуйт жана жатка айтат. |
| 1.2. Кыска ырларды, макал-лакаптарды окуп, түшүнөт. | 2.2. Аңгемелерди окуйт, ырларды, макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү жатка айтат. | 3.2. Ар кандай жанрдагы чыгармаларды көркөм жана туура окуйт, тексттин мазмунун өз сөзү менен айтып берет. | 4.2. Окуган текстинин мазмунун толук жана ырааттуу айтып берет, суроолорго жооп берет. |
| 1.3. Иллюстрацияларга же башка жардамчы материалдарга таянып (скаффолдинг), окуган текстинин мазмунун өз сөзү менен кыскача айтып берет. | 2.3. Иллюстрацияларга же башка жардамчы материалдарга таянып (скаффолдинг), окуган текстинин мазмунун өз сөзү менен кыскача айтып берет. | 3.3. Окуган текстинин мазмунун ырааттуулукта жана өз сөзү менен айтып берет, суроолорго жооп берет. | 4.3. Кыргыз элинин жана башка элдердин адабиятынан өзү окуп-үйрөнгөн аңгемелерин, тарыхый окуяларын, моралдык-адептик баалуулуктарын, үрп-адаттарын жана салттарын жөнөкөй түрдө көрсөтөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.1.11. Баарлашуу учурундагы сүйлөө адебинин нормаларын билет жана сактайт.** | | | |
| 1.1. Жөнөкөй кеп адебинин эрежелерин сактайт, маектешүүчүнүн, мугалимдин айткандарын көңүл буруп угат, ага ылайык жооп берет. | 2.1. Жөнөкөй кеп адебинин эрежелерин сактайт, күнүмдүк баарлашууга катышат, адеп сөздөрүн, сылык сөздөрдү орду менен колдонот, саламдашат, коштошот, суранат, ыраазычылык билдирет. | 3.1. Кеп адебинин эрежелерин сактайт, баарлашкан жолдошторунун муктаждыктары менен өз оюн, иш-аракеттерин бир ыңтайга келтирет. Баарлашуунун вербалдык эмес каражаттарын кырдаалга ылайык колдонот. | 4.1. Кеп адебинин эрежелерин сактайт, жолдоштору, мугалимдери, улуу адамдар менен болгон мамилесинде баарлашуу маданиятынын эрежелерин сактайт. Коопсуз жүрүм-турум жана баарлашуу эрежелерин сактоо менен бейтааныш адамдардын манипуляция кылуусуна жол бербейт. |
| **3.1.12. Жазуу иштерин тариздөө маданиятын жана орфография менен пунктуациянын жөнөкөй эрежелерин сактайт.** | | | |
| 1.1. Тамгаларды графикалык түрдө сапта туура жазат жана тамгаларды сөзгө кошуу ыкмаларын сактайт. | 2.1. Сөздөрдү түшүнүктүү жазат, сызыкка сулуу жазарын көрсөтөт. | 3.1. Каллиграфиянын талабына ылайык, окуй тургандай түшүнүктүү жазат. | 4.1. Каллиграфия талаптарына жооп бере тургандай түшүнүктүү жана тез жазат |
| 1.2. Тамгаларды жазганды билет, аларды муундарга, сөздөргө бириктирет, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү жана тексттерди жазат. | 2.2. Басма тамгаларды жазма менен алмаштырып текстти же тексттин бөлүктөрүн көчүрөт. Калтырылган тамгаларды коюп сөздөрдү жазат. | 3.2. Тамгаларды "жыйноо" аркылуу сүйлөмдөрдү же текстти түзөт. | 4.2. Сөз айкаштарын, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү, 5-7 сүйлөмдөн турган тексттерди түзөт. |
| **3.2.13. Кыргызстандын элдеринин маданиятындагы айрым чыгармалардын сюжетин билет жана салыштырат.** | | | |
| 1.1. Кыргызстан элдеринин чакан | 2.1. Кыргызстан элдеринин чакан чыгармалары боюнча | 3.1. Кыргызстан элдеринин чакан чыгармалары боюнча айтып берүүнүн | 4.1. Кыргызстан элдеринин чакан чыгармалары боюнча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| чыгармаларын текстке жакын айтып берет. | айтып берүүнүн түрлөрүн айырмалайт, иш жүзүндө колдонот. | түрлөрүн айырмалайт, иш жүзүндө колдонот. | айтып берүүнүн түрлөрүн айырмалайт, иш жүзүндө колдонот. |
| 1.2. Чыгарманын сюжети деген эмне экенин түшүндүрөт. | 2.2. Чоң эмес чыгармалардын сюжеттик линиясын айырмалайт. | 3.2. Чоң эмес чыгармалардын сюжеттик линиясын айырмалайт, салыштырат. | 4.2. Чоң эмес чыгармалардын сюжеттик линиясын айырмалайт, салыштырат, кошумчалайт. |
| 1.3. Кыргызстан элдеринин чакан жомокторунун сюжеттерин ролдордо чагылдырат. | 2.3. Кыргызстан элдеринин чакан жомокторунун, чоң эмес тамсилдеринин сюжеттерин ролдордо чагылдырат | 3.3. Кыргызстан элдеринин чакан жомокторунун, тамсилдеринин, баатырлар тууралуу ыр менен айтылган жомокторунун сюжеттерин сахналаштырат. | 4.3. Кыргызстан элдеринин чакан жомокторунун, тамсилдеринин, баатырлар тууралуу ыр менен айтылган жомокторунун жаа көркөм чыгармаларынын сюжеттерин сахналаштырат. |
| **3.3.14. Окуп-үйрөнгөн сөз айкаштарын, сүйлөмдөрүн кепте колдонот.** | | | |
| 1.1. Окуп-үйрөнгөн жөнөкөй туруктуу сөз айкаштарынын маанисин түшүндүрөт. | 2.1. Окуп-үйрөнгөн жөнөкөй туруктуу сөз айкаштарын кебинде колдонот. | 3.1. Окуп-үйрөнгөн туруктуу сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү кырдаалга жараша айырмалайт жана кебинде колдонот. | 4.1. Окуп-үйрөнгөн туруктуу сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү кебинде колдонот, аларга өз мамилесин билдирет. |
| 1.2. Бир нече туруктуу сөз айкаштарын атайт. | 2.2. Туруктуу сөз айкаштары менен сүйлөмдөрдү түзөт. | 3.2. Туруктуу сөз айкаштарынын маанисин түшүндүрөт. | 4.2. Туруктуу сөз айкаштарына өз баасын берет. |
| **3.4.15. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, маданий баалуулуктарын оозеки жана жазуу жүзүндө баалайт**. | | | |
| 1.1. Саламдашат, саламдашууга жооп берет. Кыргызстан элдеринин саламдашуу, коштошуу сөздөрүн кебинде колдонот. | 2.1. Саламдашуу, коштошуу, өтүнүч сөздөрүн кебинде колдонот, аларды салыштырат. | 3.1. Саламдашуу, коштошуу, өтүнүч сөздөрүн жана башка сылык сөздөрдү кебинде колдонот, аларды салыштырат, аларды колдонуп диалог түзөт. | 4.1. Саламдашуу, коштошуу, өтүнүч сөздөрүн жана башка сылык сөздөрдү кебинде колдонот, аларды салыштырат, аларды колдонуп диалог түзөт, аларга баа берет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2. Кыргызстан элдеринин эң жөнөкөй макал-лакаптарын билет, кебинде колдонот. | 2.2. Кыргызстан элдеринин эң жөнөкөй макал-лакаптарын кебинде колдонот, алардын маанисин түшүндүрөт. | 3.2. Кыргызстан элдеринин эң жөнөкөй макал-лакаптарын, жаңылмачтарын, табышмактарын кебинде колдонот | 4.2. Кыргызстан элдеринин эң жөнөкөй макал-лакаптарын, жаңылмачтарын, табышмактарын кебинде колдонот, аларга баа берет. |
| 1.3. Кыргызстандын негизги ажайып кооз жерлерин билет, атайт. | 2.3. Кыргызстандын негизги ажайып кооз жерлерин атайт, сүрөттөйт. | 3.3. Кыргызстандын негизги ажайып кооз жерлерин атайт, сүрөттөйт, өзгөчөлүктөрүн айырмалайт. | 4.3. Кыргызстандын негизги ажайып кооз жерлерин атайт, сүрөттөйт, өзгөчөлүктөрүн айырмалайт жана аларга баа берет. |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде “Кыргыз тили” сабагында окуучулардын ийгиликтерин баалоо күтүлүүчү жыйынтыктар менен тыгыз байланыштуу. Класстагы баалоонун объектиси билим берүүдөгү окуучунун жеке жетишкендиктери жана өнүгүүсү болуп саналат.

Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык 1-2-класстардын окуучуларын баа коюлбаган системада окутуу жана алардын жетишкендиктери сапаттык жана сыпаттама ыкмаларын колдонуу менен баалоо окуучулардын билим алууга болгон ички кызыгууларын арттырып, алардын жана ата-энелердин окуу процесси менен кайтарым байланышта болушуна, баланын өнүгүүсүнө жагымдуу чөйрө түзүүсүнө өбөлгө болот. 3-4 - класстарды баалоодо баа коюу, сапаттык жана сыпаттама ыкмалары колдонулат.

**Бул маселелерди чечүүдө мугалим:**

- позитивдүү кайтарым байланыш (окуучунун ишин комментарийлеген жазуу жана оозеки отчётторду) түзөт, окуучунун мурунку көрсөткүчтөрүн кийинкилери менен салыштырууга жардам берет, таанып билүү процесстеринин, мотивдешүүсүнүн, компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүүсүн окуп- үйрөнүүнүн натыйжасы катары оозеки баалайт;
- окутуунун натыйжага жетишүү жана инсандык өнүгүүсүн баалоо менен ар бир окуу жылынын соңунда баалоо сыпаттамасын берет;
- баалоонун ар түрдүү ыкмаларын жана формаларын, анын ичинде өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо, сапаттык баалоо каражаттарын (портфолиосу, байкоо, өнүгүү картасы ж.б.) колдонот;
- ата-энелерге окуучунун ийгиликтери жана окуу предметтериндеги көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн кыйынчылыктары тууралуу маалымдайт;

Сабактарда окуучулардын жетишкендиктерин баалоого бир катар талаптар коюлат:

- билим алуунун жыйынтыгын баалоого комплекстүү мамиле (жалпы билим берүүнүн предметтер аралык, предметтик жана инсандык натыйжасынын баасы);
- баалоонун мазмундук жана критериалдык базасы катары негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн пландаштырылган натыйжаларын колдонуу;
- окуучулардын билиминдеги жетишкендиктеринин динамикасын баалоо;
- билим сапатын камсыздоонун механизми катары ички жана сырткы баалоонун дал келиши;
- күтүлүүчү натыйжаларды жана инструментарийди иштеп чыгууга жана аларды көрсөтүүгө деңгээлдик мамиле;
- билим берүүнүн жеке жетишкендиктеринин динамикасын мүнөздөөчү баалоонун топтоо системасын (портфолио) колдонуу;
- стандартташтырылган жазуу жана оозеки иштер менен биргеликте долбоор, практикалык , чыгармачылык иштер, өзүн өзү баалоо, өзүн талдоо, байкоо сыяктуу жана башка баалоо формаларын жана методдорун колдонуу.

**Баалоо системасы төмөндөгүдөй принциптердин негизинде түзүлөт:**

1. Баалоо билим берүү практикасына табигый түрдө тутумдашкан туруктуу процесс болуп саналат. Окутуу этаптарына карата диагностикалык (старттык, утурумдук) жана срездик (тематикалык, аралыктык, жыйынтыктоочу) баалоолор колдонулат.
2. Баалоо критерийлер менен гана жүргүзүлөт. Окутуунун максатына ылайык баалоонун негизги критерийлери болуп күтүлүүчү натыйжалар саналат.
3. Окуучунун өздүк сапаты эмес, анын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы гана бааланат. Эмнеге окутса, ошону гана баалоого болот.
4. Баалоо критерийлери жана баа коюу алгоритми мугалимге жана окуучуга алдын-ала белгилүү. Алар аны биргелешип иштеп чыга алышат.
5. Баалоо системасы окуучу өздүк көндүмдөрүн жана өзүн өзү баалоону өздөштүрүү менен баалоо-көзөмөлдөө ишмердүүлүгүн жүргүзө алгыдай кылып түзүлөт.

Ошентип, баалоо окуу процессинин бир бөлүгү катары окуучунун жетишкендиктерин жана өсүшүн, балдардын ийгиликтерин жана каталарын, балдарга, ата-энелерге, мектеп жетекчилигине жетишкендиктери тууралуу маалымдоочу пландоону өзгөртүүчү жана толуктоочу, окутуунун эффективдүүлүгүн жана ыкмаларын баалоочу процесс болуп саналат. Мугалим да, окуучу да баалоо процессинин катышуучусу болот.

**Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери (монологдор, диалогдор, долбоор иштери).**

Оозеки жоопторду баалоо беш критерий боюнча сунушталат:

1. Мазмун (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументтештирүү тиешелүү деңгээлде жүрөт).

2. Маек куруучу менен өз ара аракеттенүү (маекти логикалуу жана байланыштуу кура алуу, репликалар менен алмашууда кезекти сактай алуу, суроолорго аргументтүү жоопторду бере алуу, маекти баштай алуу жана аны уланта алуу, ал эми маек үзүлүп калган учурда кайрадан аны кура алуу, тактоо, суроо берүү);

3. Лексика (сөздүк кор тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык);

4. Грамматика (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык);

5. Тыбыштардын айтылышы (кыргыз тилинин тыбыштарын туура айтуу, сүйлөм түзүүдө, ой айтууда туура интонацияларды сактоо).

**Окууну баалоо критерийлери.** Окууну ийгиликтүү өздөштүрүүнүн негизги көрсөткүчү болуп окулган тексттен керектүү маалыматты бөлүп чыгаруу болуп саналат. Биз жашоодо тексттерди керектүү маалыматтарды табуу үчүн ар кандай милдеттерди коюп окуйбуз. Буга байланыштуу окуунун төмөнкү түрлөрүн айырмалап жүрүшөт: тексттеги негизги мазмунду жана фактыларды түшүнүү, тексттеги маалыматты толук түшүнүү, тексттен же бир нече тексттерден керектүү маалыматты табуу. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максаты бул тилде эркин баарлашуу болгондон кийин, окуучулар окуунун бардык түрлөрүн өздөштүрүшү керек.

Окуунун түрлөрү:

1. **Маалымат менен таанышуу**, мындай окууда тексттеги маалыматтын негизги мазмунун түшүнүүгө басым жасалат;

2. **Изилдеп окуу**, маалыматтын мазмунун толук түшүнүүгө, анын ичиндеги деталдарды да изилдөөгө багытталган окуу;

3. **Карап чыгуу** – окуунун мындай түрүндө текстten керектүү же окурманды кызыктырган маалыматты табуу негизги максат болуп саналат.

Албетте, окуунун ар бир түрү менен байланышкан билгичтиктердин өздөштүрүлүшүн өзүнчө текшерүү керек.

**Окуучулардын билимин баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун түрлөрү: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик), жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо колдонулат.

Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү, т.а. диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоо колдонулат.

**1. Диагностикалык баалоо.** Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныктап алуусуна, окуучуга тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана аны өркүндөтүүгө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү да диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат. Мындан улам диагноздоочу маалыматтарды чогултуу кандай шартта ишке ашырылгандыгын: дал келген каражаттар мененби (класстык иштер, тесттер, анкеталар ж.б.) же ансыз элеби (мисалы, жөн гана байкоо методу) мугалим өзүнө белгилеп алат.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал божомолдонот.

**2. Калыптандыруучу баалоо.** Баалоонун бул түрү – баланын теориялык билими менен практикалык машыгуулары күн сайын үзгүлтүксүз түрдө байкалып, текшерилип турушу, анын калыптануу процессин туюнтат, т.а. баланын билиминин калыптанышынын максаттуу түрдө үзгүлтүксүз байкалып-бааланып турушу. Бул учурда мугалим баланын күндөлүк билимин атайын баа коюп баалабоосу ыктымал, ал түрдүү критерийлерди эске алуу менен, кийинки баалоого негиз болуп эсептелиниши толук ыктымал.

Баалоонун бул түрү өз алдына мындайча максат коёт, ал негизинен, мугалим окуучунун аткарган иштериндеги катачылыктарды убагында оңдоп, түзөтүп, эскертип туруусу, кийинки текшерүүгө алдыртадан баланы даярдап отуруусу менен мүнөздөлөт.

Бул учурда мугалим баланын билим деңгээлин аныктап, көз салып, диагностикалап туруусу ишке ашырылат. Анын өзү баланы жоопкерчиликке үндөө менен, жыйынтыктоочу мезгилге теориялык-практикалык жактан даярдап отурат.

3. **Жыйынтыктоочу баалоо.** Баалоонун бул түрү – окуучунун окуу ишмердигин баалоону андан ары улантат, т.а. жыйынтыктайт, жыйынтык баа коет. Анда окуу курсундагы кайсы бир теманы, бөлүмдү өздөштүрүү аяктаганда, окуучулардын теориялык билими менен практикалык машыгууларынын, окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу абалын аныктоо, ошого жараша баланын билимин баалоо ишке ашат. Ал баланын билими

менен машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, баяндама, дил баян, эссе жаздыруу, айрым долбоорлорду түздүрүү аркылуу баалоо менен коштолот. Алардагы ар бир коюлган белгилер (т.а. баалар) чейрек аягында чыгарылуучу жыйынтык баалоодо эске алынат же ага негиз болот. Буга чейрек аягындагы баа гана эмес, жыл аягындагы экзамендик баалар да кирет.

# 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

## 4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар

Билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук базага ылайык, окутуунун формаларын жана методдорун тандоо мугалимдин укугу болуп саналат. Мугалимдер окутуунун методдорун жана формаларын предметтин өзгөчөлүктөрүнө, ушул стандартта берилген билим берүү натыйжаларынын өзгөчөлүгүнө жана окуучулардын муктаждыктарына негизденип пайдаланышат.

Окутуу кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Кыргыз тили» предметинин өзгөчөлүктөрү жана билим берүү натыйжалары окутуу методикасына карата аныкталган талаптарды көрсөтөт. Башталгыч мектепте экинчи тилди окутуунун өзгөчөлүгү окуучуларды, анын ичинде майыптыгы бар балдарды өз алдынча билим алууга, алынган маалыматты иштетүүгө, алмашууга, маалымат мейкиндигинде тез жеткирүүгө түрткү берүүчү окуу чөйрөсүн түзүү маанилүү. Окутуу практикасында мотивациялоочу окуу чөйрөсүн түзүүнүн көптөгөн ыкмалары бар. Педагогикалык практикада жүйөлүү окутуу чөйрөсүн түзүү боюнча көптөгөн ыкмалар бар. Окуучуларды мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүүнүн шарттары төмөнкүлөр:

- алдыдагы иш-аракеттердин максаттарын түшүнүү жана кабыл алуу жана окуу милдеттерин коюу боюнча балдар менен биргелешкен иш алып баруу;
- оффлайн, онлайн жана гибриддик форматта сабакта өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу атмосферасын түзүү;
- окуу ишин уюштуруунун топтук жана жеке формаларын колдонуу;
- сабакты өткөрүүнүн стандарттуу эмес формалары;
- мелдеш жана оюн формасындагы сабактар: ШТК (КВН), викторина;
- иш-чара формасындагы сабак: экскурсия, саякат, сейилдөө, ролдоштурулган оюн;
- фантазия сабактар: жомок, спектакль, күтүлбөгөн нерсе;
- интеграцияланган сабак ж.б.;
- оюн технологияларын колдонуу;
- маалымат каражаттарын колдонуу.

Предметтин максаты тил системасынын негизги элементтерин өздөштүрүү жана тексттин бардык түрлөрүн окуп/угуп аң-сезимдүү кабыл алуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн өнүктүрүү. Демек, предмет окуучунун коммуникативдик ишмердиги аркылуу анын кебин өстүрүүгө багытталат, бардык өздөштүрүлүп жаткан материалдар (анын ичинде тилдик материалдар да) ушул милдетти ишке ашырат. Анын кеби так, мазмундуу, инсанга багытталган мүнөздө болушу шарт. Ага жетүү үчүн сабакта жекече, топтук, жамааттык формалар колдонулуп, кызматташууга басым жасалат. Ошол эле мезгилде айрыкча көркөм тексттер окуп-үйрөнүлүп жаткан учурда окуучунун оюу, жеке пикири, ага аргументтерди келтирип, далилдөө аракети өзгөчө маанилүү болуп саналат. Көркөм тексттер менен иштөөдө аны эмоциялуу-баалуулук мамилелери аркылуу кабыл алуусу, өзүн өнүктүрүүсү инсанга багытталган мамилени ишке ашыруунун негизи болот.

Мында дифференциялап окутууну, долбоор методун, өнүктүрүүчү технологияны, сынчыл ойломду колдонууга болот жана негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталышы шарт. Темаларга ылайык сабактарды музыкалык коштоо менен өткөрүүгө болот.

Сабактарда оюн технологияларын колдонуу - башталгыч класстын окуучуларынын эмоционалдык интеллекттин жана баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Окутуунун ар бир методу өзүнө мугалимдин окутуу ишин, окуучунун окуу таануучулук ишмердигин уюштурууну, ошондой эле сабакта кенже окуучуларга кептик ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүн колдонууну камтыйт.

## 4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары

Башталгыч мектепте экинчи тилди окутууда ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар – стандарт боюнча башталгыч класстын бүтүрүүчүлөрүнүн даярдык деңгээлине коюлган талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоонун минималдуу талаптары.

Аларга китеп басылмаларынын тизмеси (китепкана фонду), көрсөтмө басма жана электрондук колдонмолор, маалыматтык жана байланыш каражаттары, техникалык окуу куралдары, экрандык үн каражаттары, окуу практикалык жана окуу лабораториялык жабдуулары кирет.

**Кабинетке зарыл болгон каражаттар менен ресурстук камсыздоого минималдуу талаптар**

**11-таблица.**

| № | Типтер | Каражаттар |
|---|---|---|
| 1 | ОМК (электрондук жана басма түрүндө) | – Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен тизмеге ылайык сунушталган окуу-методикалык комплекстер |
| 2. | Кошумча окуу-методикалык жана башка материалдар | – ченемдик-укуктук документтер,<br>– окуу программасы, КТП<br>– мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор<br>– жумушчу дептерлер ж.б. |
| 3 | Маалыматтык-коммуникативдик ресурстар | – телесабактар (1–4-класстардын “Кыргыз тили” предмети боюнча) |
| 4 | Дидактикалык материалдар | – басма түрүндө көрсөтмө демонстрациялык материалдар (плакаттар, иллюстрациялар, портреттер, таблицалар жана схемалар). |
| 5 | ТСО | – компьютер, компактдисктер, аудио жана видео дисктер, принтер |
| 6 | Экрандык-үн каражаттары | – штативдик же илинүүчү экран (минималдык өлчөмү 1,25 х 1,25), колонкалар, микрофон, наушниктер, аудиожазгыч, видеофильмдер, слайддар |
| 7 | Кошумча каражаттар | - эң жөнөкөй мектеп куралдары: калем, түстүү карандаштар, учтары тегеректелген мектеп кайчы, кадимки сызгыч, компас, өчүргүч, кагаз (жазуу, пейзаж, аппликация жана оригами үчүн түстүү кагаздар), картон (кадимки, түстүү), пластилин же чопо, фольга, калька. |

## 4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү

Башталгыч мектептеги билим берүү чөйрөсү окуучулардын руханий-адеп-ахлактык, коомдук, илимий, маданий жана психикалык өнүгүүгө жетишүү милдеттерине тиешелүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда, окуучулар үчүн жагымдуу чөйрө болушу керек. Алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), окуучулардын физикалык, психологиялык жана социалдык саламаттыгын коргоого жана чындоого кепилдик берүүлөрү керек. Окуучуларга жана мугалимдерге карата ыңгайлуу шарттар болуусу шарт. Билим берүү чөйрөсү ар бир окуучу тарабынан баштапкы билим берүүнү камсыздоо менен бирге анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга шарт түзүп берүү.

Билим берүү чөйрөсү – физикалык, психологиялык жана академиялык жактан жана бул аспектилеринин ар бирин окуучуларга жана мугалимдерди окутууга түрткү берүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде “Кыргыз тили” предметинде басымдуу физикалык чөйрө сабакта заманбап технологияларды колдонуп, жагымдуу мейкиндик түзүп, окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен түзүү.

Психологиялык чөйрө формативдик баалоону колдонуп, позитивдик бирин-бири колдоочу кайтарым байланыш түзүү, окуучулардын өз алдынча иштөөсүн, сабакта активдүүлүгүн колдоо менен, ошондой эле сабакта обьективдүү баалоо аркылуу түзүлөт.

Мотивациялык академиялык чөйрө окутуунун интерактивдик методдорун жана топтук иштердин формаларын колдонуу менен, окутуунун кошумча материлдарын, анын ичинде заманбап, көркөм жана илимий-популярдык иллюстрацияланган тексттерди колдонуп, окуучулардын иштерин маалымат менен стимулдаштыруучу изилдөө жана издөө методдорун пайдалануу менен калыптанат.

Башталгыч мектепте билим берүү чөйрөсү физикалык, экологиялык, психологиялык жана гендердик стереотиптерди алдын алуучу төмөнкү коопсуздуктарды эске алуу менен уюштурулат.

- Мектептин кеңсесиндеги бардык элементтер, алардын пайдаланылышынын санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана өрт коопсуздук, электр коопсуздук эрежелеринин ченемдик-укуктук актылары жана эрежелери коопсуздукту камсыз кылуучу талаптарга жооп берүү.
- Жалпы билим берүү уюмунун бардык бөлмөлөрүндө жасалма жана табигый жарык берүү деңгээли гигиеналык талаптарга жооп берүү менен камсыз кылынат жана жылуулугу нормага төп келүү.
- Электрондук маалыматтарды жана билим берүү чөйрөсүн пайдалангандыгы үчүн шарттар билим берүү мамилелеринин катышуучулары, санариптик билим берүү ресурстарынын коопсуздугу, билим берүү ишмердүүлүгүнүн коопсуздугу гигиеналык стандарттарга жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, билим берүү ишмердүүлүгүн камсыз кылуу.

## АДАБИЯТТАР


1. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 30-апрель 2003-жыл.
2. "Кыргыз Республикасынын расмий тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 29-май 2000-ж.
3. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнүн концепциясы. - Бишкек, 2009.
4. Компетенттүүлүк" 4К": түзүү жана класста баалоо. Практикалык сунуштар. - М., 2019. // //URL:http://clck/ru/MKHn4.
5. Дискриминацияга каршы жана гендердик экспертизаны жүргүзүү методологиясы окуу-методикалык комплекстердин. КР ББИМ 16.09.2019-ж. 1096/1 буйругу менен бекитилген. (3-тиркеме). - Б., 2019. // URL:http://clck/ru/ecXuH.
6. Алексеева Л. Л., Анащенкова С.В. Планируемые результаты начального общего образования. – М.: Просвещение, 2010.
7. Балыхина Т.М. Методика преподавания русского языка как неродного (нового): Учебное пособие для преподавателей и студентов. – М.: Издательство Российского университета дружбы народов, 2007.
8. Глухов Б.А., Щукин А.Н. Термины методики преподавания русского языка как иностранного. – М., 1993. – 371 с.
9. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Бишкек, 2012.
10. Кыргыз Республикасындагы орто жалпы билим берүүдө билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2022. (КР Министрлер Кабинети 2022-жылдын 22.07. № 393 токтому).

11. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы. – Бишкек, 2008.
12. Кыргыз Республикасындагы мектептерде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик
13. Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство / Сост. Р. Х. Шакиров, А.А. Буркитова, О.И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012.
14. Пассов Е. И. Основы методики обучения иностранным языкам. – М., 1977.
15. Рысбаев С., Добаев К., Абдухамидова Б. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы. – Кутбилим, 2012.
16. Рысбаев С, К., Акматова А.А., Калманова Э.К., Абдухамидова Б.А., Эсеналиева К.Э. Кыргыз тилин окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун мамлекеттик стандарты‖. – Бишкек, 2006.
17. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы. – Бишкек, 2021.
18. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы.- Бишкек, 2021.